Кырг
А 39

# КАЛЫК АКИЕВ

# КАЛЫК АКИЕВ

## ТАНДАЛГАН ЫРЛАР

КЫРГЫЗСТАН МАМЛЕКЕТТИК БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ * 1 9 5 4

Оформлениесы
Художник *И. А. Ефимовдуку*

## ЖАКШЫ КҮТҮП АЛАЛЫ

*(Совет өкмөтүнүн бийлиги колго тийген кезде, элиме кайрылып ырдаган ыр ушул эле.)*

Падыша-байдын каарынан,
Агыздык муунткан терлерди.
Туш-туштан баары урушуп,
Дүйнө жүзү термелди.
Эмгекчи элим кор болуп,
Кырылаар кезиң келгенби.
Азап, мунда жүрсө да
Баатырлар чыгып шерденди.
Бай, падыша, залимдер,
Душмандыгын билгизди.
Канчалык каардуу болсоң да
Ээлебейсиң жеримди.
Ал Николай залимдин,
Түтүнгө тийген залалы.
Жаңы келди эркиндик,
Жакшы күтүп алалы.

*1918*

## ЛЕНИНГЕ ЭСТЕЛИК

Эрктин нурун эмгекчиге чачканда,
Кулач жайсам күчүң толкуп асманга.
Эмгекчинин эркин жолун ачты деп,
Даңкың жарып дүйнө жүзүн басканда.

Акылың кең океандай толгондо,
Күч-кубатың Памир тоодой болгондо
Ажыдаардын тишин чагып кулатып,
Ата Ленин баатыр даңкка конгондо.

Дүйнө жүзүн дүңгүрөтүп салмагың,
Элиң үчүн эрдигиңди арнадың.
Октябрдын эрки ичинде туулган,
Ишке балбан жоого баатыр балдарың.

Уул-кыздарың унутпайбыз эскерип,
Өмүр бою жүрөктөсүң эстелип.
Элге таалай эрк тараттың нуруңдан,
Эмгекчинин бактысына кез келип.

Осыятың унутулбайт ойдогу,
Эмгегиңди кыргыз уулуң ойлоду,
Асмандатып кызыл мунар тургузду
Өмүр бою эстеликке койгону.

Эчен кыйын тоскоолдорду көп көрүп,
Өз жолуңду улап, чыңап өзгөрүп,
Кан төгүшкөн катуу багыт белдерден,
Улуу Сталин алып чыкты өткөрүп.

Даңкың учкан дүйнө жүзүн чабыттап,
Элиң эстейт эмгегиңди аныктап.
Улуу Сталин бара жатат жетелеп,
Коммунизм кең дүйнөгө багыттап.

Улуу Сталин уулум деген кыргызды,
Арнап берип маңдайына жылдызды.
Ата Ленин Кыргыз уулуң эскерип,
Кызыл таштан эстелигиңди тургузду.

*1949*

## ӨЛКӨҢ ӨСТҮ

Өөрчүп чыктың өртү күчтүү жалындай,
Жолуң жарык айлуу түндүн таңындай,
Кайратыңа дүйнө жүзү таңданып,
Кас душманың, калган эмес багынбай.

Өзүң сүйгөн элдериңди аздырбай,
Мекениңди душмандарга бастырбай,
Жүрөктөшүң улуу Сталин сактады,
Эл тамырын эч душманга каздырбай.

Арсыз жоолор ачык билбей кууларын,
Чачмак болгон элге каршы ууларын.
Ленин жеңди ай-ааламга даңктанып
Бийик кармап партиянын тууларын.

Жер жүзүндө эмгекчиге дем кирди,
Өз колуңа бардык дыйкан эл кирди.
Салмагыңдан сансыз душман алсырап.
Алар жүрөт өз көрүнө киргени.

Куткаргансың кулдук-күңдүк чириктен,
Кутулгандан боорлошуп бириккен.
Элдин, жердин ата Ленин—Сталин
Өчкөн жанын өмүр берип тирилткен.

Элдин күчү океандай толкуган,
Толкунуна жүрөк сүйүп кол сунам.
Изден тайбас, уул, кызыңа катарлаш
Кубанычка кучагымды толтурам.

Улуу Сталин улап чыкты жолунду,
Сепил кылды дүйнө жүзү колуңду.
Эмгегиңди элиң эстен чыгарбай,
Жалпы калкың окуп атат томуңду.

Өмүр-санааң эмгекчиге берилди,
Даярдадың коммунизмге элиңди,
Улуу Сталин бир өзүң бар эл сүйгөн,
Эч убакта унутпайбыз Лениңди.

*1939*

## АКЫЛГЕР

Акылгер атын койду төрөлгөндө
Ааламга канат жайды торолгондо.
Бактынын шаңы учуп от жүрөгүн
Койбоду өз эркинче чоңойгонго.

Ашайын жашай-жашай белден деди,
Адамзат урук чачып келген деди.
Кайгынын салмагында жаткан элдер
Кутулсун каптап аккан селден деди.

Он катар бел ашканда ойноо бала
Ал күндөн түшө берди ойго санаа.
Катар бел келе берди алдын тосуп
Көрбөдү көңүл ачаар мейкин талаа.

Дагы он бел бийик ашуу каршы келди,
Акылгер ашмак болду ошо белди.
Арасы тар капчыгай суусуз чөлдөр,
Аңкаган аралады далай элди.

Асмандан аска зоолор баары бийик.
Көз жеткис мунарланган көккө тийип,
Ажыдаар, каман, аюу жырткычтарга
Жан сактап жаткан эл бар башын ийип.

Угулду туш тараптан кайгылуу үн
Кыжыры Акылгердин кайнаган күн.
Ал элге тийген күн жок нуру балкып,
Каптаган туман басып караңгы түн.

Ажыдаар чагып уусун салмак үчүн
Качырып каман кирди чалмак үчүн.
Алдынан туура тосуп Акылгерге,
Аюу да аябады балбан күчүн.

Чактырбай ажыдаардын күчүн алды,
Камандын камындырбай тишин алды.
Үчөөнү катар жарып өтүн алган,
Адамда Акылгердей баатыр барбы?!

Ойлонуп ашкан белин эсептеди,
Канча бел эми ашамын кезектеги.
Акылгер алды артын көп ойлонуп
Жан чиркин тынчыр күнгө жетсек деди.

Үстүндө ак кар мөңгү зоолору бар,
Алдында адыр чалкар тоолору бар.
Кан жошо кошулгандай ылай суулу,
Караңгы тар капчыгай коолору бар.

Карагай калың токой черлери бар,
Кайсаса жан койбогон шерлери бар.
Көзүнө көрүнгөндүн баарын жеген,
Кармаса жан чыгарган чеңгели бар.

Качырып Акылгерди шерлер чыкты
Акылгер ал шерлердин баарын жыкты.
Шер өлүп шериктери качкан кезде
Туш-туштан туюктанган элдер чыкты.

Эл келип арзын айтып буркурады,
Ачылган күндү көрүп тим турабы.
Канатсыз жүрөктөрү алып учуп,
Сиз кайдан келдиңиз деп сыр сурады.

Акылгер элге кайрат жооп берди
Көрдүңөр көмөлөнгөн жырткыч шерди.
Кыйналып бийик белдер ашкандыгым
Кайгыдан бошотмокмун мен, силерди.

Атымды сурасаңар Акылгермин
Азабын тартып келдим ашкан белдин.
Ар жерден алын сурап, көөнүн улап,
Келатам өзүңөрдөй бардык элдин.

Ачылсын кылым бою жарык көөнүн,
Кыйраттың бирин койбой алптын, дөөнүн.
Ар жерде кузгун жору талап жатат,
Куланып өлгөндөрдүн тарпын-сөөгүн.

Акылгер амандашып андан өттү,
Куткарып кузгундардан ошо көптү.
Кутулган элдин шаттык кубанычы,
Жылдыздай жаркыратты асман-көктү.

Оркойгон дагы он сегиз тоолорду ашып
Өзүнө-өзү ишенип акылдашып.
Адырлуу белес-белес алды талаа
Жер көрүп бара жатат жакындашып.

Тоолордун арасында түрдүү калк бар,
Түрүнүп кармашууга турган алптар.
Сөзүндө ишенимдүү чындыгы жок,
Апыртма адилетсиз баары калптар.

— Акылгер сөз сурады силер кимсиң,
Сурашпай кимдин сырын кимдер билсин.
Адамды адам уулу таанып туруп,
Айбанга адам кайдан имерилсин.

Дегенде кармашышты алптын бири,
Бузулду Акылгерге калптын түрү
Аларды баскан кезде дым чыгарбай,
Адилет Акылгердин айбат сүрү.

Камынып Акылгерди алп кармашты,
Асылып алды-артынан калп жармашты.
Акылгер баатыр жалгыз алар жетөө,
Ким жыгат? ким жыгылат? күч арнашты.

Сүрүлдү көп күндөргө күрөш кени,
Булактай бойлорунан аккан тери.
Трактор, соко менен айдагандай,
Жыртылды күндө күрөш болгон жери.

Акылгер алпты жыгар ыгын тапты,
Айлантып алып уруп жерге чапты.
Калптардын кайда кеткен дайыны жок,
Байырдап Акылгерге конду бакты.

Турушат миллион эл казандаган,
Миңи да тоонун бирин аша албаган,
Кутулуп ал душмандан кутулушуп,
Бар бекен деп тилешкен жашаар заман.

Акылгер көрдү карап турган элди
Эл дагы Акылгерге жакын келди.
Сапарың куттуу болсун баатырым деп,
Эңилип бир башынан колун берди.

Жүрөгү окторулуп ичке батпай
Түрсүлдөп көкүрөктө желген аттай.
Эл муңун айтып атат Акылгерге,
Бой балкып көңүл эрип кубат каптай.

Баатыр чын сырдашалык кайдан келдиң
Бактына жаралдыңбы муңдуу элдин.
Бирин да өмүр бою аша албадык,
Сиз ашкан отуз сегиз бийик белдин.

Көп жылдар өмүр кескен сиз жыккан алп
Эрксизден эзилгенбиз бечара калк.
Келипсиз отуз сегиз ашуу ашып.
Ачылды сиздин нурдан бактыбыз жарк.

Бул жерди сиздер менен жердебеген,
Эзилген өзүңөрдөй элден элем.
Элди жеп эрк бербеген залимдердин,
Өмүрүн өрттөгөнү келген элем.

Бел аштым отуз сегиз бийик аска,
Жан кыйнап, жана чектим башка-башка.
Алыпмын деп далилсиз жеп жаткандардын
Тилегин чапмак үчүн келдим ташка.

Алп өлдү калптар качты ар бир жакка,
Көбүңөр көңүл берип, бирдик сакта.
Ынтымак ырыс алды деген сөз бар,
Душмандын сезин алып селдей капта.

Баарыбыз дагы ашабыз отуз бир бел,
Ошого чын тургула чогулган эл.
Бирлешкен пикириңер бузулбаса,
Көп деген тоону бузаар толкуган сел.

Акылгер акылынын нурун чачты,
Ал эл да муңун айтып учурашты.
Азаптан арылткын деп Акылгерге,
Ант менен ишендирди бурулбасты.

Мурунку—эмки күндү ылгагыла,
Кайсы күн жарык экен сындагыла.
Ал ишти акылдашып аткарарбыз,
Ачык күн айлуу түндө жыргагыла.

Дегенде элдин түрү жаңыргандай,
Акылгер экендиги таанылгандай.
Кулактан кумар тарап жүрөк сүйдү
Өчпөскө өмүр нуру жагылгандай.

Таңдагы чолпон окшош көздүн түрү
Кулакка кубат берген сөздүн түрү.
Душманды тумандатып баса турган
Алп кайрат Акылгердин айбат сүрү.

Ойгонуп ошо күндөн эл гүлдөдү,
Ой тоолор жашылданып жер гүлдөдү.
Жарк этип элди-жерди нур балкытты,
Акылгер алдын баштап бир жүргөнү.

Биринчи отуз сегиз бел дегеним,
Көрүнөт көзгө элестеп эл дегениң.
Ортодон отуз сегиз жыл өткөрүп,
Эл үчүн эмгек тарттың Акылгерим.

Бел эмес, отуз сегиз өрттүү жылың,
Оор күндөр өткөргөнсүң ошол кылым.
Билимдин булагынын кенин казып,
Ачкансың турмуштун тунук сырын.

Отуз бир бел өзүңдүн гүлдүү дооруң,
Тайгылбай тамырланып басты орун
Талытты дүйнө жүзүн таң калтырып,
Акылгер айткан чапкан даңгыр жолуң.

Отуз сегиз бел ашкан бала кезиң,
Башынан жүрөгүңдө бардык сезим.
Бай, падыша, помещикти кулатканда,
Арналган элим үчүн акыл эсиң.

Ашкан белдер алтымыш тогуз жылдар,
Арадан өтүп кетти далай сандар.
Далилсиз калптын баарын өрткө каптап,
Дайрадай даңгыр жолун тапты чындар.

Бул алтымыш тогуз жыл белес эмес,
Бул сөздүн сырын чечкен бекер дебес.
Ааламга нуруң карап жарык берген,
Акылгер улуу көсөм сиздин элес.

Жаралдың адамзаттан өзүң башка,
Чапканың душмандарды таштан-ташка.
Тилейбиз куттук айтып барарыңды,
Акылгер улуу Сталин узакка жаша.

*1948*

## УЛУУ КӨСӨМ ЭЛДИН БАКТЫСЫ

Асмандагы жылдыз дагы, ай дагы,
Океандай ар бир суулар сайдагы.
Кар да түшүп жазга кубат берем деп,
Кар жаадырып, колхоз үчүн пайданы.

Катар-катар асман, жерде ойногон,
Асыл аба ак булутта жайдары.
Кулач жайып, куттук айткан сыяктуу,
Улуу көсөм Сталиндин аймагы!

Ала тоолор, адыр талаа жер дагы,
Эркек аял, эмгек балбан эр дагы.
Жан бүткөндөн жаратылган айвандан,
Арыстан, жолборс, ал жапайы шер дагы;

Тар дүйнөдөн кең дүйнөгө көчкөндөй,
Жер, асманга жетишкен күн, кең жагы.
Жарык нуруң жан салгандай Сталин
Баш көтөрдү бардык металл, кен дагы.

Оргуп-оргуп ала салып мөңкүгөн,
Өзөн сайын өнүп чыккан булагы.
Жел жүргөндө желбиреген желектей,
Тектирлердин тегиз жашыл туланы.

Күлө багып, көк ирмидеп күрпүлдөп,
Желе-жорто жер жүзүнүн суулары.
Узун жаша улуу көсөм дегендей,
Обон сала ырдай барат бу дагы.

Жердин көркү, тоонун шаңы көйкөлүп,
Жапырт чыккан жаз алдында көк дагы,
Түрдүү гүлдөн төбөсүнө сайынып,
Жаздан күзгө жасанышып чөп дагы.

Жаңы жениш, жарык нурда жайкалып,
Жаркылдашып, жагалданат жап-жаңы,
Көрк жеткирдиң көсөм ата дегенсип,
Күндөй балкып күлүндөшөт көп жагы.

Ойдон, тоодон, өзөн, кокту жерлерден,
Түрдүү жыгач, кайың, арча, тал дагы;
Керме тоолу кең конушта жайнаган
Колдо байлык—коом чарба мал дагы.

Жашамакка жапырт көөнүн шаттаган,
Бүт дүйнөдө миң, миллион жан дагы.
Узак жаша көсөм ата дегенсип,
Катарланып ырдагандай ал дагы.

Гүлүн ачып, жемиш чачып, гүлдөгөн
Алма, өрүк, анар, жүзүм, бак дагы;
Өмүр күчүн бутагына таратып,
Өлкөсүндө өсүп көңүл шаттанды.

Күкүк сайрап күн нурундай турмушта,
Таңшып конуп, татты тилин тактады.
Таалайыбыз улуу Сталин дегендей,
Сайрап турган булбулдардай шактагы.

Тегиз өнүп, теңселишип баш алган,
Буудай, арпа бардык эгин дан дагы,
Таза болсо таразаны оодарып,
Алып түшкөн асыл сапат салмагы.

Өнөр толкуп, өлкөбүзгө күч берип,
Өсүп аткан өндүрүштүк шаң жаңы.
Ини, келин, уул, кызындын гүлдөшү,
Улуу Сталин өзүң ачкан таң дагы.

Жер бүткөндөн жаратылып суу дагы,
Ага-ага аска ташка урунган;
Дайралардан далай канал таралып,
Гүлсүз чөлдү гүлдөтүүгө бурулган.

Башы булак, балдан таттуу суу дагы,
Көлдө сүзгөн мөнсиз аппак куу дагы.
Каз, өрдөктөр кыйкуу салып ойношот,
Жаша көсөм деген өндүү бу дагы.

Кендүү, кенсиз эчен аска таш дагы,
Керме тоолор, кеңири жайыт саз дагы,
Жер бетине миң кубултуп гүл ачкан,
Күлүңдөгөн көркү сулуу жаз дагы...

Кең Фрунзе борборуна жарашат,
Имерилип эл таңыркап карашат.
Эмгегиңди элиң эстен чыгарбай,
Эстелигиңи күндө көрүп тарашат.

Өз жолуңду улап чыңап өскөрүп,
Эчен кыйын тоскоолдорду көп көрүп.
Кан төгүшкөн катуу багыт белдерден,
Улуу Сталин алып чыкты өткөрүп.

Өз жолуңдан окуп чыккан чеберлер,
Олутунда улуу Сталин кеменгер.
Европада кандай күч бар күрөштө,
Эр большевик баатыр элге теңелер!

Улуу Сталин сизди кубат кылабыз,
Эмгек үчүн эркин көңүл бурабыз.
Коммунизм кең дүйнөгө бет буруп,
Дайым даяр туу алдында турабыз!

*1948*

## ҚЫРГЫЗ ЭЛИ ТААНЫЛДЫ

Адам уулу Маркстей,
Азаттык жолун табабы?
Маркстин жолун улантып,
Энгельстей багабы?

Ильичтей айкын кеңитип,
Эркиндик жолун чабабы?
Сталинче башка адам,
Өчпөстүн шамын жагабы?

Эмгекчи элге бак таалай,
Сиздердин ойдон орноду.
Балкыган нурга оронгон,
Ильич чапкан жолдогу.

Кубатыңдан бошонду,
Эчен туткун тордогу.
Тынчтык коммунизмдин,
Кремль, Москва борбору.

Ильич менен бирлешип,
Улуу орус элдери.
Падыша, байды кулатты,
Баатырдык сокку бергени.

Муң суусуна чөмүлгөн,
Эркиндик доорум жогунда.
Партиям гана жеткирди
Союздук желек бул тууга.

Асман жердин койнунан,
Ойдо жоктор табылды.
Сталин ата эрк берип,
Кыргыз эл көпкө таанылды.

Жыйырма беш жылдын ичинде,
Жыргалдуу кыргыз жаңырды.
Коммунизм куруудa,
Жетеги менен камынды.

Элди, жерди гүлдөткөн,
Ачык күндөй колуңуз.
Томдоруңду биз окуп
Асманга жетти колубуз.

*1937*

## ОКТЯБРЬ ӨЛКӨСҮНДӨ

Кылкылдаган Октябрдын туулары,
Кыналышып жалын жаштар жыргады.
Октябрым атырылып, арыштап,
Өлкө жайнап, өсүп турган убагы.

Билим кени мекениме жайнады,
Күч оргучтап көккө чыга кайнады.
Комсомолдор көмөк жаштар жетилип,
Эркин доордо эркин өсүп жыргады.

Эмгек күчү эпкин менен ширелди,
Кайрат ташып кара тоону тиреди.
Октябрят өнөк жаштар кулпунат,
Өйдө карап өлкөсүнө умтулат.
Жеңиш туусун желбиретип, жайылтып,
Жер жүзүнүн эмгекчиси бир тынат.

Асман жерди толкундаткан биздин бак,
Дүйнө жүзүн титиреткен кучактап.
Капиталдар кантер айла табалбайт,
Октябрдын дүбүртүнөн солкулдап.

Кандай балбан каруулашат биз менен,
Биздин колдо бирдиктешкен күч терең,
Четке кызыл кыраакылар тор жайган,
Душман калбайт биздин торго түшпөгөн.

Тап душманга даярданып турабыз,
Таамай жыгып, түп тамырын жулабыз
Октябрдын күрөш күчүн чыңалтып,
Коммунизм кең заманын курабыз.

*1936*

## УЛУУ ОКТЯБРЬ

Куттуу болсун улуу Октябрь келгениң
Кучак жайып тосуп алды элдериң.
Чыккан күндөй нуруң жүрөк толкутуп,
Чыңай келдиң эркин элдин эмгегин.

Улуу Октябрь сени курган элдериң,
Эл гүлдөткөн айкын талаа жерлерин.
Кучагыңдан кубат алган элибиз
Ала-Тоонун ачкан алтын кендерин.

Түз талаанын түрүн ачып гүлдөткөн,
Эл кутулган караңгылык илдеттен.
Октябрым өлкөңдөгү элиңе,
Өзүң берген эркин эмгек күн жеткен.

Октябрдан эркин элиң таанышты,
Алдырбаган душманына намысты.
Колхоздордо айыл кыштак шаарлардан,
Эркелетип элиң тосуп алышты.

*1946*

## МАЙ МАЙРАМЫНА

Май майрамы жаңы келди жаркырап,
Жашыл токго жер жамынып гүл бурап,
СССРдин өлкөсүнө жагылган,
Күн менен ай күлүндөгөн шам чырак.

Кучак жайып кубаныч күүсүн чалышкан,
Эр, аялдар эрк обонун салышкан.
Кызыл байрак Ленин туусун жайылтып,
Куттук айтып куралышты туш-туштан.

Атында май, өзүндө май асыл ай,
Мал семиртип магдыраткан артың жай,
Ала-Тоодон атырылып суу келип,
Кубанышат суусуз жаткан куру сай.

Дүйүм чөптүн тамыр күчү чечилди,
Мал семирип оюн салып секирди.
Күкүк сайрап, гүлдөр жайнап бээ байлап,
Жер майышып колхозчулар жетилди.

Торгой акын, булбул чечен сайрады,
Танкы желде таңшып тилин кайрады,
Майдын салкын абасында бай колхоз,
Орто бөксө окторгойду жайлады.

*1937*

## МОСКВА

Асман тиреп жаралган,
Ак карлуу бийик тоолорбу?
Адамдын көзүн талыткан,
Же заңкайган аска зоолорбу?

Ай-ааламды көргөзгөн,
Жаркыраган күнүм сен
Кремлдин күнүндөй
Карыбаймын жыргайм мен.

Ай-асманды тиретип,
Адам уулу салганбы.
Же бактылуу элге Москва
Асмандан түшө калганбы.

Асмандан түштү дегеним,
Апырылма жалганбы.
Кантип жасап бүтүргөн,
Акылым айран-таң калды.

Жыбырап жылдыз орногон,
Асман түрдүү кандай шаар.
Жалындатат жүрөктү,
Толуп жаткан сонундар.

Кандай шаар деп таң калсам,
Биздин Москва шаар экен.
Куруптур орус элибиз
Таалайыбыз бар экен.

*1940*

## КРЕМЛГЕ КИРГЕНДЕ

Москвам асман тиреп жетилген
Ай ааламга нуруң жарык бетинден.
Бүтүн дүйнө эмгекчиге арналып
Коммунизм борбору деп бекилген.

Алып учтуң ак булутка көңүлүм,
Кулпунасың кубанчына өмүрүм.
Айдан жарык, күндөн ачык тилеги,
СССРда бардык союз көбүмдүн.

Токтоо бербей толкундадың жүрөгүм,
Ала-Тоодон Москвага сүрөдүң.
Айдан жарык Москванын нурунда,
Таанышкан соң таң каламын жүрөмүн.

Москвага! ар улуттан баргандын
Бактысы ачык баары эпкиндүү балбандын.
Ала-Тоонун абасында жетилген,
Кызыл туулу кыргыз уулу шаңдандың.

Бир тилектеш бир боорлош калкыңдын,
Акындарын кучагыңа чакырдың.
Ар улуттан акындардын келгенин,
Кен Кремль кең койнуңа батырдын.

Көңүл дегдеп балкып тердеп барамын,
Аң-таң калып, туш-туш жагым карадым.
Өмүрүмдө мындай сонун көрбөгөн,
Өңүмбү же түшүмбү? деп санадым.

Түшүм десем көрүп турам өңүмдө,
Эркти берген Ильич турат көңүлдө.
Тирүү адамдан түрүн марттык жасаган,
Кеменгердин сүрөтү бар төрүндө.

Алтын эшик Кремлге баргандар,
Жетимиш жыл өмүр сүргөн чалдар бар.
Чек сактаган чеберлерден баатырлар,
Жаш жазуучу жалын жүрөк балдар бар.

Бой балкыды Калинин ата келгенде,
Кол чабылды көпкө чейин көргөндө.
Кремлге кирген күнкү кубаныч,
Жан салгыдай жаңы бүгүн өлгөнгө.

Эркелетти эмгекчинин балдарын,
Орден берген колун сүйүп кармадым.
Кол кармашып куттук айтып турганда,
Өмүрүмдө эч калган жок арманым.

Москвада бир чолпон бар жарк эткен,
Ай ааламга ал чолпондон нур жеткен.
Нуруң жарык жалуң тарых эл багып,
Ошо чолпон Сталинсиң гүлдөткөн!

*1939*

## УЛУУ ЖОЛ

Азаптан элди бошотуп,
Укуктарын Теңедиң.
Ажатын ачтың муңдагы,
Ата менен эненин.

Бүт дүйнөнүн жүзүнө,
Желбиреди желегиң
Өз колуңан элиңе,
Берип кеткен белегиң.

Элге жыргал күн болду,
Эмгектин эрки дегениң.
Билимдин бердиң элиңе,
Океандан тереңин.

Ата болуп жетимдин,
Маңдайынан сыладың.
Эзилип келген эмгекчи,
Эл жүрөктөш ынагың.

Тынчтык туусун жайылтып,
Дүйнөгө бирдик курулду.
Осуяты Ильичтин,
Ай-ааламга угулду.

Нуру жарык балбылдап,
Ильичтин билим жолунда.
Тынчтык бирдик туткасы
Партиянын колунда.

Баш көтөргөн бардык эл,
Маркс—Ленин жолунда.
Элим жыргап тынч жатат.
Коммунизм доорунда.

Дүйнө жүзүн кучакка,
Алып турган улуу жол.
Кимдер досту ким душман,
Таанып турган улуу жол.

Бирдик билим булагы,
Агып турган улуу жол.
Асман, жерди ааламды,
Чабыт кылган улуу жол.

*1937*

## НУР ЗАМАН

Колхоз, совхоз дыйкандын,
Карысы карап турбаган,
Абышка кемпир жайдандап,
Эмгектен моюн бурбаган,
Ынтымактуу, ырыстуу
Элге тынчтык нур заман.

Жол тааныган жашынан,
Билим алып окуудан,
Партиябыз эрк берип,
Жыргап-куунап окуган.
Жаркыраган турмушта,
Жашка тынчтык нур заман.

Кетмен чапса, мал бакса,
Жарыш ачып эл менен.
Кызылча, эгин, пахтага,
Кызыгып иштеп тердеген.
Ачык көңүл, ак пейил
Аялга тынчтык нур заман.

Чырпык өсүп жашынан,
Чымчык сайрап башынан.
Чынарга бою теңелген,
Булбулдар түнөп таңшыган.
Тамыры жерге ширеген,
Бакчама тынчтык нур заман.

*1938*

## ОКТЯБРДЫН ЖЫЙЫРМА ТОГУЗ ЖЫЛДЫГЫ

Куттуктайбыз октябрь,
Кубат берип келгенде.
Кубанчың жүрөк толкутуп,
Кулачыңды кергенде.
Сталиндик жеңиш туу,
Булактаткан эл сенде.

Талаасы гүлгө оронгон,
Татынакай жер сенде.
Жолотпой жоосун кулаткан,
Баатырлар да бар бизде,
„Жоондугун" көрсөтүп,
Жолошо албайт жоо бизге.

Бүт дүйнөлүк элдерге,
Октябрь эркин таанылган.
Өз койнуңдан жарк этип,
Өчпөс нуруң жагылган.
Өнөрүң асман жер каптап,
Өлкөңдүн күчү жаңырган.

Ардактаган октябрь,
Мекенди курган баатыр ай
Айкын талаа жерлериң,
Түрдүү эгин пахта жай.
Кең соорулу аймагың,
Асыл тукум малга бай.

Улуу октябрь эл үчүн,
Коюнуңду ачканда.
Түбүнөн баатыр уулдарың,
Тургузбай жоосун басканга.
Булут жарып муз бүркүп,
Миңдеп учтук асманга.

Ата мекен жерлерин,
Гүлдүү турмуш жай кылдың.
Чың ширетип бирдигин,
Сынбас күчкө бай кылдың.
Күн нурундай жарк деген,
Көркүн ачтың айылыңдын.

Тынчтык нуру Москва,
Коммунизм борбору.
Өлкөбүз нурга балкыган,
Октябрь жарык болгону.

*1946*

## БИЗ КИМ ЭЛЕК, КИМ БОЛДУК

Эл акындар эски убакта ким элек?
Өлүк эмес, өлүм санда тирүү элек.
Айтыштырып жеңиштерге аш-тойдо,
Бай-манаптын шылдыңынын бири элек.

Көп акындар арманда өттү, көмүлдү,
Алтын сөздөр жер алдында төгүлдү.
Эмки акындар эркин доор колдонуп,
Жаркыратып кирсиз ачтык көңүлдү.

Кооздотуп комуз, кыяк сырдадык,
Кошулушуп, кол кармашып жыргадык.
Жетекчибиз сталиндик таң менен
Жетишкендик, жеңиш ырын ырдадык.

Жарыш ачып, өнөрпоздун баарына
Өөдө карап өсүп жатат жабылта,
Эстелбеген эл акынын чакыртып,
Эркелетти искусство шаңына.

Комузчу, ырчы келип жатат жарышка,
Жетимиш жыл өмүр сүргөн абышка.
Социализм ырын ырдап, күү чертип,
Коммунизм жеңишине барышка.

Курч каламым кубантасың жазганда,
Кулач керип учкум келет асманга.
Эмгекчиге эрктин нурун жараткан,
Менин достум партиябыз көп жаша.

*1947*

## БИЗ ЭРКИНДИК НУРУНДА

Улуу океан, дайрадай,
Толкундасаң күрпүлдөп,
Чачыраган нурунда,
Асман менен жер гүлдөп,
Тоо жаңыртып доорунда,
Таңшыды булбул куш үндөп,
Нуруңа балкып эмгекчи,
Кубат кылат күлмүңдөп.
Оюу-чийүү саймадай,
Жер гүлдөдү доорунда.
Эмгек нурун колго алып,
Эл гүлдөдү доорунда.
Улуу Ленин көсөмдүн
Кажыбас туусу колунда.
Уулуң менен кызыңдын,
Таалайына бир келдиң.
Бактысына жаралып,
Бардык дыйкан көп элдин.
Дүйнө жүзүн таңдантып,
Жер асманга нур бердиң.
Таң калтырып ааламды,
Шаңшыган шайыр үн бердиң.
Күлмүңдөтүп өмүрдүк,
Жаркыраган күн бердиң.
Келин-кызы керилген,
Балдары баатыр дедирген.
Марал менен тең оттоп,
Малыбыз тунук семирген.

Ырыстуу доор жыргал күн,
Сталин өзүң берген дем.
Акыл айтып шаңкылдап,
Көлдөн терең, тоодон чоң.
Бүт дүйнөдө биздин бак.
Абышка, кемпир карысы,
Баладан элпек баарысы.
Кайгы менен капа жок,
Дуулап жаткан биздин эл.
Улуу туунун алдында,
Нурга баткан биздин эл.
Эмгектерин гүлдөтүп,
Жыргап жаткан биздин эл.

*1940*

## ЖАҢЫ ЖЫЛДА

Жаңы жылым жаңы келдиң жаңырып,
Жарык нуруң жасалгандан таанылып,
Жер, асманды желпинттирип шаңында
Алтын, күмүш шуру бермет тагынып!

Былтыркыдан быйыл көрсөм көркүңдү,
Ала келген Ала-Тоодой темпиңди,
Асманда нур, элде шаттык, жерде гүл,
Жаңылыкка арнап келген энчиңби?

Малы семиз, жери тегиз кутүнгөн,
Өткөн жылды эпкин менен бүтүргөн,
Жаркыраган жаңы жылын куттуктап,
Эркелетип элим тегиз күжүрмөн!

СССРим демеп өсүп жатканда,
Бу келгениң бизге таалай кетпес бак,
Кубатыңа жүрөк ойноп теминип,
Элим сүйүп эркелетти куттуктап!

Эрке жылды эпкин менен багабыз,
Моюнубузга милдеттерин тагабыз,
Келеркеде дагы келсең жарк этип,
Эмгекчилер эркин тосуп алабыз!

*1940*

## БИР ЭЛЕС

Тоодой толкуп, токтолосуң мөлтүрөп,
Арнаганбыз Ала-Тоонун көркү деп,
Сени сүйүп совет эли жиберген—
Кемелериң сүзүп жүрөт суу жиреп.

Өзүң тунук ачык күндөй чаңкайган,
Өрүшүң кең, сайларың бар чалкайган,
Түндүк, Түштүк, Батыш Чыгыш жагында
Асман тиреп Ала-Тоолор заңкайган.

Балыктарың ойноп жүргөн чалкылдап,
Аккууларың андан бетер жаркылдап.
Кыш күнүндө жай саратан сыяктуу,
Өрдөк, казың өсүп жаткан каркылдап.

Барчындарың көктө шаңшып теминген,
Кышкы малың жай күнүндөй семирген.
Башың Сан таш, аягың Боом, Keминде
Ала-Тоолор кучак жайып керилген.

Бугуң менен маралдарың маңкайган.
Кулжаларың кулач мүйүз тартайган.
Ала салып тунук суулар бооруңдан,
Атырылып ташып жаткан сай-сайдан.

Түп, Күрмөтү, Кызыл-Кыя, Жыргалаң
Сени жердеп, суулаган эл жыргаган.
Кышкы чилде—ызгардуу суук болсо да,
Четинде муз, бетиңде жок шыргалаң.

Жети-Өгүз, Койсарыда арашан,
Жер сонуну кең Ысык-Көл карасам.
Элиң да бай, жериң килем саймадай,
Толуп жатат айта берсем тамашаң.

Эл жаңыртып эркин таалай күн бердиң,
Жер жаңыртып астып жеткис үн бердиң.
Ай жарыгы, Күндүн нуру Сталин,
Ай-ааламга бакыт күүсүн жибердиң!

## БИЗ ЭРКИНДИК НУРУНДА

Улуу Волга, дайрадай,
Толкундасаң күрпүлдөп,
Нуруңа балкып эмгекчи,
Кубат кылат күлмүңдөп.
Оюу-чийүү саймадай,
Жер гүлдөдү дооруңда,
Эмгек ээлеп колго алып,
Эл гүлдөдү дооруңда,
Ленин берген улуу туу
Жаркырап турат колуңда.

Бактысына жаралып,
Бардык дыйкан, көп элдин.
Дүйнө жүзүн таңдантып.
Жер—асманга нур бердиң.
Таң калтырып ааламды,
Шаңшыган шайыр үн бердиң,
Күлмүңдөтүп өмүргө
Бактылуу-таалай нур бердиң.
Улуу туунун алдында,
Нурга баткан биздин эл,
Эмгек терин гүлдөтүп,
Жыргап жаткан биздин эл,
Партия деп шаңкылдап!
Ырдап жаткан биздин эл.

*1940*

## КЫРГЫЗ ЭЛИНЕН, КАЗАК ЭЛИНЕ САЛАМ

Ала-Тоонун ашуусунан,—белинен,
Аска зоонун асмандаган чегинен,
Кыргыз элдин күн чыгышын ээлеген,
Тоодой толкун, кең Ысык-Көл көлүнөн,

Уулу, кызы, кары, жашы көбүнөн,
Атыр жыттуу асыл аба төрүнөн.
Ынак тилек, ысык салам айтамын,
Сиздерге дос, баатыр кыргыз элинен.

Кыргыз, казак бир туулуп бир өскөн,
Эмгекчилер элчилигин кеңешкен.
Ажыдаар тили заарлар жоголуп,
Эл тынчыгып душманы чабар дебестен.

Жайыттарын жанашалаш жайлаган,
Жазгы ыраңда бээсин бирге байлаган.
Элдин ички душмандары куланып,
Бир туугандык бирдигинен тайбаган.

Жакын айыл, жери бирге коңшулаш,
Жана баатыр, жана чечен сөзгө маш.
Улуу көсөм Сталиндин доорунда,
Катар өстүк казак, кыргыз замандаш.

Учуп келдик Караганды жерине.
Бир боордош казак тууган элине.

Жүрөк толкуп алып учат канатсыз,
Толкундаган сенин өткүр демиңе.

Ар бир чекте алп көкүрөк чеберлер,
Аткан октой асманга учкан берендер.
СССРде түпсүз жарык күн берген,
Улуу көсөм Сен Сталин кеменгер.

*1940.*

## КЫЗЫЛ КЫРМАН

Туулуп өскөн ата журтум кыргызда,
Өсүп жатат асылданып дан чарба.
Алтын пахта, кант кызылча айдалган,
Көлөмү кең көз талыткан ай-талаа.

Жалал-Абад, Ош өндүрү ак пахта,
Жазы чүйдүн аймагында кызылча.
Жери кенен, эгинге мол, малга бай,
Тоо-ташынын баары нефти кымбат баа.

Трактору жазда—күздө айдаган,
Жаздык-күздүк гүлүн төгүп жайнаган.
Эр-аялдан эпкиндүүлөр миң сандап,
Эринбеген эмгигенен тайбаган.

Арыгын чаап, алыш байлап сугарган,
Арасына жер калтырбай кубарган.
Кайраттанып колхозчулар иштеген,
Кары-жашы эмгек менен чыңалган.

Кужүрмөндөр күчөп иштеп камынып
Күндө талбас күч-кубатың таанылып,
Күндүз оруп, түндө боолоп бүтүрдүң.
Чарба тоют—беде чөбүң чабылып.

Жашылдантып жаз башынан сугарып
Жалтылдатып жардан бийик чыгарып,
Эгин бышты эжигедей эзилип,
Колхозчулар иштеп жүрөт кубанып.

Тракторлор чыгаргансың жер майын,
Өзү оруп, өзү баскан комбайн.
Оруп-жыю, жаз-күз бою айдоодо,
Колхозчулар чамдагыла ар дайым.

Кызыл кырман маалы келди жаңырып,
Эркек—аял эмгек нурун жамынып.
Кант—кызылча, буудай—арпа эгинге,
Колхоз—дыйкан катуу кирди жабылып.

Беделериң убагында чабылсын,
Эгиндериң эрте жыйнап алынсын.
Күзгө калбай эрте жыйнап алгандар,
Күчү толук кужурмөн деп таанылсын.

Тазалап төк кампаң толсун үрөнгө,
Түн кайтарып күндүзүндө түгөлдө.
Базар сайын барпаландап түгөтпөй,
Эпкиндүүлөр эмгегинди үнөмдө.

*1940.*

## ПАХТАЧЫ КЕЛИН КАНЫМЖАН

Ала шалбырт жаз менен
Арыгын терең чапкандар,
Алышын суугa даярлап
Айдаган эгин, пахтаң бар,
Алмадай кесек таштабай
Маласын майда тарткан бар.

Кажыбас күчүн чыңалтып,
Жер байлыкка жеткендер
Чапкан сайын шыңгырап
Жаркылдайт темир кетмендер.
Жазгы жандуу жарышта,
Жабыла пахта эккендер.

Иш башында эпкиндүү,
Звеновой Канымжан.
Эрте ойгонуп дайыма
Таңсүрө ишке камынган.

Ээн жаткан талаалар,
Элдин күчүн сагынган
Эр, аялдан күжүрмөн.
Эмгегинен таанылган.
Эпкиндик туусу колунда
Эмгекке баатыр Канымжан.

Биздин ушул гул турмуш,
Эмгекке элин үндөдү.
Бир боордош досчулук,

Бактылуу жыргал күндөгү,
Колхоздун кызы Канымжан
Эмгеги менен гүлдөдү.

Эмгекти сүйгөн эрке кыз,
Канымжанча кетмен чап.
Эринбей эмгек иштеген.
Эпкиндүүгө келген бак
Жаркыратып төшүңө
Канымжанча орден так.

*1938*

## ЖАЛКОО КЫЗМАТЧЫ

Берер кызмат ээсинин,
Конторуна барабыз.
Иш жүзүндө өзү жок,
Издеп таппай калабыз.

Столунан көрөбүз,
Кагаз, калем, папкасын,
Кайтарып тур дегендей,
Кароол койгон шапкасын.

Келип калар эми деп,
Күтүп турсак кыйлага,
Моюндарын кокойтуп
Отурушкан пиводо.

Кээ кызматчы эринип,
Бекерликке баш катат.
Берилбесе эмгекке,
Өзүн-өзү аксатат.

*1939*

## ПАПАНИНГЕ

СССР учкучунун баатырынан,
Миңдегени асмандаган аэроплан,
Папанин, Федор баштап эчен кыраан,
Уюлга кыштап келди СССРден.

Асмандын жолун тапкан баатырлары,
Бетине тура албаган душмандары,
Жаңы жер Түндүк уюл муз деңиздин,
Токтоосуз тоскоолдорду бузгандары.

Жол тартып күндүз, түндө эчен айлык,
Алп кара куш сыяктуу көккө дайырып.
Советтин болот жүрөк баатырлары,
Жеткирген СССРге байлык-сыйлык.

Баатырлар кыраандыгың билип жазбас,
Өрт кайрат акылы мол эч бир шашпас.
Тулпар күч, туйгун канат жолборс жүрөк,
Папанин, баатыр Федор өрттөн качпас.

Алышып аба менен булут бузуп,
Уюлга алтын жазуу туу тургузуп.
Табылды дүйнө элге даңазасы,
Советтин салтанаттуу даңкы кызык.

Уюлдун уктап жаткан көзүн ачып,
Лениндин жаркыраган нурун чачып.
Папанин, баатыр Федор кыштап келдиң,
Уюлдан СССРдин жолун басып.

Асмандан аба күчүн толкундаткан,
Душмандын жүрөктөрүн солкулдаткан.
Муз деңиз түндүк уюл жерге кыштап,
Масквага келип түштү эң ыраактан.

Кардуу суук, каарлуу жерде кайрат байлап,
Папанин, Федор баатыр күчү кайнап.
Абаны ак булутту катар жиреп,
Асманда ойноп жүргөн күлүп жайнап.

Бүткөндөн адам уулу көрбөгөн жер,
Жан барып, жайыт кылып көнбөгөн жер.
Жаз, күз ысыгы жок уюл музга,
Жалындап кыштап келди Папанин эр.

Ашканда катар-катар кара тоону,
Жаңыртып обон салып аска-зоону,
Кыргыз эл Ала-Тоодон куттуктайбыз,
Сайгандай Папанин эр каршы жоону.

*1938*

## КУТТУКТАЙБЫЗ

Калык:

Аскасы бийик Ала-Тоо,
Атыр жыттуу жеринен.

Алымкул:

Асыл аба тунук суу,
Баатыр кыргыз элинен.

Калык:

Ысык-Көл, Соң-Көл, Чатыр-Көл,
Толкунданган көлүнөн.

Алымкул:

Салам айттык Москвага
Эмгекчи элдин көбүнөн.

Калык:

Кыргыздын ата борбору,
Кең Фрунзе шаарынан.

Алымкул:

Куттуктайбыз Москөөнү,
Эл акындар наамынан.

Калык:

От араба зыпылдап,
Учкан куш менен жарышып.

Алымкул:

Ыргып минип жөнөдүк,
Узак жол менен таанышып.

Калык:

Токойлору теп-тегиз,
Тизилип чыккан жанаша.

Алымкул:

Адамдын көзүн талытат,
Айнектен тиктеп караса.

Калык:

Узак жолдо көргөнүм,
Укмушта жок тамаша.

Калык:

Биздин элди нурданткан,
Шамы Москва турбайбы.

Алымкул:

Эмгекчиге эрк берген,
Багы Москва турбайбы.

Калык:

Эски десем Москваны,
Эми эле жаңы жасалган.

Алымкул:

Улуу көсөм Сталин,
Элиме кайта жан салган.

Калык:

Кызыл жылдыз Кремль
Союз совет көркү экен.

Алымкул:

Ала-Тоо анын гүлдөгөн,
Сталиндин эрки экен.

Калык:

Эрки жокто эмгекчи,
Караңгы туман түндө экен.

Алымкул:

Мына бу доорду залимдер,
Кайда катып жүрдү экен?

Калык:

Жер алдында метро,
Курулуштары бир кызык.

Алымкул:

СССРде эмгекчи
Турмуш жагы миң кызык.

Калык:

Эл акындар баш кошуп,
Бүгүнкү көргөн күн кызык.

Алкымул:

Жасады көсөм Сталин,
Жаңы дүйнө тургузуп.

Калык:

Ушу доорго жеткирген,
Көсөм Ленин атасың.

Калык:

Алтын күмбөз ичинде
Нурданып уктап жатасың.

Алымкул:

Өткөнүң он беш жыл болду,
Өңүңдүн нурун бузбадың.

Калык:

Өмүрлүк өчпөс шам болду,
Өзүңдүн жазган уставың.

Алымкул:

Эмгекчи элдин ынагы,
Таалайдын тунук булагы.

Экөөлөшүп:

Өлкөнүн өмүр жарыгы,
Улуу атабыз Сталин.

*1939*

## ЖАШ УЛАНДАР

Кең көкүрөк ак жүздүү
Кыздары окуп жатышкан.
Саатынан өткөрбөй,
Сабагына катышкан.

Мөмөдөй бышып ийилген,
Мөлтүрөп таза кийинген.
Эркиндин эрке кыздары,
Эмгек десе сүйүнгөн.

Эскилигиң жойгун—деп
Энесине сүйлөгөн.
Жаңы доордо төрөлүп,
Нурдай балкып гүлдөгөн.

Эрктин ырын ырдашат,
Булбулдай мукам үн менен,
Жыргалды берген доорумда,
Жаш уландар төрөлгөн.

*1939*

## ДОСТУК

Маркс, Ленин орноткон
Партиялык жолуң дос.
Бардык дыйкан эмгекчи,
Кек кармашкан колуң дос.
Билими оргуп кайнаган
Биздин өлкө сонун дос.
Ынтымак ырыс бак берген
Сталин ата бооруң дос.

Мусапыр-муңдуу туткунду.
Азат кылган Ленин дос.
Алтыны сайдын ташындай,
Ата мекен жерим дос.
Каптап кирсе душманга,
Касиетиң демим дос.
Ата журтум бир боордош
Эмгегине элим дос.

Маданият гүлүндө,
Балаң менен балаң дос.
Ишмерликке берилген,
Иниң менен агаң дос.
Бир энеден туулгандай,
Пикириң бирге санааң дос,
Жазгы күндөй мемиреп,
Жашаган биздин заман дос.

Эмгегинен даңк алган,
Эр аялдан баатыр дос.
Кат сабаты ачылган,
Карыбызда акыл дос.
Сталиндик өлкөдө,
Ырыстуу союз калкым дос.
Сагынышып сыйлашкан,
Советтик өлкөм баркың дос.

Бардык колхоз эр-аял,
Маңдайында багың дос.
Коммунизм багытка,
Бара жаткан агым дос.
Жаш комсомол, пионер,
Келечекке шаңың дос.
Бүткүл дүйнө жүзүндө
Пролетар табым дос.

Шаңдуу шайыр күү берген,
Музыкалуу үнүң дос.
Жайында салкын кыш жылуу,
Жасалгандай күнүң дос.
Асмандан жарык нур берген,
Айлуу ачык түнүң дос.
Баш бактырбайт душманын,
Баатыр совет дүңүң дос.

Бүтүн дүйнө эмгекчи,
Бир тилекте багы дос.
Дүңгүрөтүп жер жүзүн,
Туш-туштан келди жаңы дос.

Асман-жерди курчаган
Баатыр аскер уулу дос.
Жек көргөн жоосун кулаткан,
Жеңилбес жеңиш туулу дос.

Дүйнөгө жарык нур болгон,
Москва биздин борбор дос.
Өлкөндө өсүп жашаган,
Өмүрлүк элиң кор болбос.

*1950*

## ЖОКЧУЛУК

Он төртүмдөн жалданып,
Малай кылдың жокчулук.
Жатканымды мал баккан,
Сарай кылдың жокчулук.

Чемирчегим жашымдан,
Кайырдың го жокчулук.
Чечен тилди тең сөздөн,
Айырдың го жокчулук.

Жардылыкка таянып,
Алдантасың жокчулук,
Жайы-кышы бир койго,
Жалдантасың жокчулук.

Таманымды жоорутуп
Жара кылдың жокчулук.
Тартканымды жашымдан
Санаа кылдың жокчулук.

Көз каратып байларга,
Карып кылдың жокчулук.
Көңүлүмдү чөгөрүп,
Арык кылдың жокчулук.

Көңүлүмдү төрт бөлүп.
Адаштырдың жокчулук
Көтөргөнүм мойнума
Чанач кылдың жокчулук.

Курбум келсе карызга,
Мал сураттың жокчулук.
Тааныштардын ичинде,
Алсыраттың жокчулук.

Теңтушум келсе карызга,
Мал сураттың жокчулук.
Темтеңдетип жашыман,
Алсыраттың жокчулук.

Жайдын күнү жамаган,
Түн кийгиздиң жокчулук.
Эски чокой, жаргак шым,
Чом кийгиздиң ээ жолчулук.

Колдон кетмен түшүрбөй,
Жер каздырдың жокчулук.
Эки этекти түрүнтүп,
Жөө бастырдың жокчулук.

Жардылыкка таянтып,
Басык кылдың жокчулук.
Жакырлык сенде дегенсип
Кысып турат жокчулук.

Балдан таттуу сөзүмдү,
Эм кылбадың жокчулук,
Байдын жаман уулуна,
Тең кылбадың жокчулук.

Оорусу жок онтотуп,
Дарттуу кылдың жокчулук.
Отурганда сүйлөтпөй,
Жапыс кылдың жокчулук.

Комуз чертип ыр-ырдап
Колумду бердим жан тынып,
Өнөрүм күчөп күн сайын,
Умтулдум алга мен чыгып.

*1940*

## ЖЕР КЕПЕДЕ ӨТКӨН КҮН

*(Эски доордогу турмуштан)*

Жалоондой мерген азамат,
Жалгыз уйлуу, жалгыз ат,
Өзүнүн кылган кесиби,
Мергенчилик насиби.
Кийик куштан башкага.
Тийген эмес жазыгы.
Тирүү туруп көрүүнө,
Тиши бычак бөрүгө.
Кузгун, жору, шум түлкү,
Тарп талоочу көбүнө.
Уюн, атын талатып,
Үйү-жайын баалатып,
Өлүм санда, тирүү эмес,
Өмүр жашын санатып.
Асынганы бир мылтык,
Чокою бүтүн, шым жыртык,
Элден-журттан уялып,
Эки этегин бек кымтып.
Арманын айтты буркурап,
Аялы кошо зыркырап.
Эки жашар баласы,
Кошулуп ыйлайт чыркырап.
Аялдан турат сыр сурап,
Жалгыз аттан айырып,
Жокчулуктун дарты өттү.
Жалгыз уйдан айырып,
Жалдыратып жөнөттү.

Жакырлыкка таянып,
Жашымдан тартым мээнетти.
Жаш балалуу дебестен,
Саансыз кылды шумдуктар.
Жан сактар аттан айырып,
Алсыз кылды шумдуктар.
Өмүрлөшүм сен элең,
Кадыр көөнүң калбаган.
Аташканым алганым,
Арылгыс болду арманым.
Жүрөгүмө жык толду,
Жыйылып эски зардабым.
Алса мейли дейт элем,
Атым менен уюмду.
Аман койсо болду эле,
Кара алачык үйүмдү.
Кайдан таап беремин,
Катыным сага кийимди.
Кашкулак менен суурча,
Каза албасам ийинди.
Жардысынтып чанбастан,
Жашыңдан болдуң өмүрлөш.
Барбаймын десең мени ээрчип,
Өзүң билип, өзүң чеч.
Калар болсоң төркүндө,
Каталык өтсө баарын кеч.
Аялы айтты сырдашып,
Ачык көөнүн муз басып,
Көзүнөн кара жаш чачып.
Алганың шордуу мен бейбак,
Ажырап кантип каламын.
Уктатпас мени убалы,
Мына бу эки баланын.
Көңүлү бузук бекен деп,
Арам ойлоп санадың.
Түбөлүк сенден ажырап,
Төркүнгө кантип барамын.
Өлгөнчө сенден бөлүнбөйм,
Болсо болор өлүм дейм.
Өлүп бара жатсам да,
Төркүн душман, көрүнбөйм.
Убада бердиң мага деп,

Ыраазымын сага деп,
Экөөбүздү айырбас,
Мына бул эки бала деп.
Чаңкаганда суу ичер,
Чаначын салып мойнуна,
Тирүү жүрсө болду деп,
Баласын алып койнуна,
Мусапыр мерген жөнөдү.
Мылтыгын асып жонуна,
Кол кармашып жөө тентип,
Түштү сапар жолуна.
Ачка жатып айылсыз,
Талаага түнөп дайынсыз.
Дайра кечип, тоо ашып,
Дал он беш күн жол басып.
Азык-түлүк жогунан,
Акыл-эстен адашып.
Жыланайлак, жыланбаш,
Жыгыла жаздап, курсагы ач.
Асынганы бир мылтык,
Көтөргөнү бир бала,
Башына түштү көп санаа.
Талкан сурап ар кимден,
Анык болду думана.
Барганы тааныш эл эмес,
Катын-бала ач болсо,
Сурабай коюш эп эмес.
Киререрине үйү жок,
Саарына үю жок,
Жарма кылар даны жок.
Жатар жайы дагы жок.
Боз кыроо болгон күзгө жуук.
Кыргый келген күнү суук.
Кыштоосуна эл конду,
Жердин бети тоң болду.
Жер тоңсо да бир кепе,
Казайын деп ойлоду.
Карагайлуу өтөкө,
Казып кирди жер кепе.
Барын-жогун билгизбейт,
Балдары бар эрмеке,
Терезе жок, тешик бар,

Каалгасы жок, эшик бар,
Шамал айдап шаштырып,
Кепеге толот жааган кар.
Кереге эмес чечерге,
Кепеси менен курусун.
Үй эмес жүктөп кетерге.
Алы келбейт мергендин,
Алачык үйгө жетерге.
Чээнге кирген аюудай,
Үч жыл турду кепеде.
Мергендикке ишенип,
Ок сунат эчки-текеге.
Кишинин көзүн карабай,
Кийик атып жан бакты.
Ак карлуу бороон кыш күнү,
Көк жалкаяк муз күнү,
Жыгачтан тапкан жалгыз ат,
Учуп өлдү бир түнү.
Жалгыз ат өлдү союлду,
Канына карга тоюнду.
Баштагы аты кара өтөк,
Ат учкан атка коюлду.
Жайдын күнкү эмедей,
Атын коё берген эр,
Мылтыгына жөлөнүп,
Жөө калды мерген эр.
Атың семиз экен деп,
Куурдака кирди келгендер.
Учуп өлдү ууру албай,
Бар оокат жалгыз ат болсо,
Үйрөнүшкөн элим жок,
Бул айыл чоочун жат болсо.
Как этип карга конбосо,
Кайрылар киши болбосо,
Кук этип кузгун конбосо,
Коңшулаш киши болбосо.
Жайлоону карай эл көчсө,
Кайрылып адам келбесе,
Балдарыңа бергин деп,
Бир жалам талкан бербесе.
Жапан болот экенбиз,
Жаш балдар менен дым чыкпай,

Жалгыз өлөр бекенбиз.
Аялы шордуу муңайып,
Айтып өттү арманын.
Кудайдын кылган иши деп,
Кучактап ыйлайт балдарын.
Бир баласы беш жашар,
Бир баласы үч жашар.
Эгин да жок, саан жок,
Оокат жагы эң начар.
Өлгөн атка өкүнүп,
Эне-атасы күйүнөт,
Эт жейбиз деп балдары,
Эркеленип сүйүнөт.
Ошол бала бул күндө,
Эмгекчи элдин карысы,
Калың кыргыз көп элдин,
Кадырланат баарысы,
Кабар салды туш-тушка,
Каламынын арышы,
Дайынсыз бойдон тарады
Эли-журтунун наалышы.
Өзү сөзмөр өнөрлүү,
Сөзүнүн чыкты маңызы.
Түп-тамыры суурулган,
Жардылыктын жапасы,
Октябрда өрттөнгөн,
Кайгы менен капасы.
Ай ааламга жарк эткен,
Жолунун жок катасы.
Мына ошолорго бак берген,
Улуу көсөм атасы.

*1940*

## ҮНДӨӨ

Кырк элүү жаш алтымышта карыга,
Эл ичинде курбуларым баарына.
Үндөө ыры үлгү болсун кыргызда
Кан майданга аттаналык жабыла.

Келе мылтык, келе ок,
Биз душманды атабыз
Фашисттерди кыйратпай
Неге чыдап жатабыз.

Курушу мол кубат туулар куралып,
Чечим алып чекке орношуп туралык.
Каармандардан качкан жоонун артынан
Сокку үстүнө биз да сокку уралык.

Кыргын салып фашистке
Кызуу менен жеңишке
Каармандарга күч берип
Кайра шаңдуу келишке.

Эскибиз деп эл ичинде жатпайлык,
Эрдик менен эмгек доорун сактайлык,
Сталиндик улуу тууну жайылтып,
Эмгектештик элдин антын актайлык.

Торой чалып душманын,
Тоголоткон балбанга.
Күч үстүнө күч толсун,
Күрөштөгү балдарга.

Эми кайта жаштык келбейт жаңырып,
Эскилигиң эл ичинде таанылып.
Катуу майдан кан төгүштөр батышта,
Камыналык каруу жарак тагынып.

Жүр-жүр достор жүрөлүк,
Жүдөсүн душман түгөнүп.
Майданда жоону кулатып
Шаңданалык, күлөлүк.

*1941*

## ИНИМЕ КАТ

Сен эркин таң аткан кезде туулдуң,
Эрким жокто мен эчен жыл куулдум;
Эркин коргоп элин сактаар убакты,
Иним, сендей миң миллион уулдун.

Сен төрөлдүң жаш балапан телчиттим,
Эркелетип эл ичинде ээрчиттим,
Эми, иним, баатырлыгың байкалсын,
Сазайын бер, саа кол салган фашисттин.

Сен жаш улан күчү толкуп чамынган,
Сен жаш шумкар канаттарын кагынган,
Кыраандарым кылчайба да жалтанба
Элиң үчүн кызыл өрттүү жалындан.

Хасан көлдө талкаладың японду,
Анда жаздың айдап чыгып капамды,
Бала күндөн окшоп тартар бекен дейм,
Бай-манапка баш ийбеген атаңды.

Арсаңдаган арсыз жоолор кутурган,
Кабамын деп качырышкан бутуңдан.
Ажыдаардын жыгылбай арбоосунан,
Ата журтум ар убакта кутулган!

„Күнү-түндө көп-көп жоолор өлдү“ деп,
„Фашист каны каптап кетти көлдү“ деп,
Мурда жазган катыңды алып окудум,
„Кутургандар көргүлүгүн көрдү“ деп.

Бала кыраан баатырларым тайбагын,
Калгандарын кансыратып айдагын,
Душмандарды өз көрүнө-өзүн көөмп,
Тазалагын СССРдин аймагын!

Чалгынды алып чарчабай кирдиң чалканга,
Ал чалкандан чагабы деп жалтанба;
Жоого сүрдүү, жолборс түрдүү чамынып
Инилериң бара жатат аркаңда!

Ушу жазган менин катым барганда,
Ысык салам айткын миң-сан балдарга!
Баатырларым, сенин демиң жашартып,
Кубат болду мында кемпир, чалдарга!

Улуу көсөм уулдарын чакырган,
Жан жолдошу Молотов бар акылман,
Биз күтөбүз СССРдин тынчтыгын
Иним, сендей миң миллион баатырдан!..

*1941*

## УУЛУМА

Ажыдаарча оп тартып,
Чагылганча ок атып
Күч көргөзүп фашисттер
Гүлдөгөн элге көз артып,
Күч көрсөтүп келди эле
Асман жерден жол тартып
Күн батыштан басканда
Көк түтүн оргуп асманга
Күчүнө тагат кылалбай
Көпчүлүк элим азганда.
Урган таштай душмандар,
Убадасын бузганда.
Ууру Гитлер мыкаачы,
Уюктуу элди кысканда,
Өмүрдүн өчпөс чырагы,
Эмгекчи элдин ынагы.
Өз боорлошун чакырып,
Өрт ичинде сынады.
Улуу Сталин акылман
Уулдарын чакырган,
Баатырлары уулунун,
Фашисттин күлүн сапырган.
Улуу көсөм атаңдын,
Уулдарынын бирисиң.
Кайрылып тирүү келипсиң,
Балам кабат экен ырысың.
Каралдым сени көргөнгө,
Кайгымдын көрчү чыгышын.

Көкүрөгүм жарылып,
Балам көңүлдүн көрчү тынышын,
Кагазың келсе жазылып,
Кабагым ачып сүйүнгөн.
Кабарың чыкпай калганда,
Качкым келген үйүмдөн.
Өз колуң жазган кат келсе,
Кошулгандай сүйүнгөм,
Дайының көпкө чыкпаса,
Коркунуч түшүп күйүнгөм.
Сталинград, Кавказдан,
Улуу суу Волга, Донбасстан
Кара жүрөк камандар,
Качырып чыкса болбостон,
Туткунга алып далайын,
Тутантып өрттөп сарайын.
Качканын кошо кууштуңбу?
Азуусун чагып мөгдөтүп,
Ажыдаар оозун бууштуңбу?
Болот танка миндиңби?
Качырып жоого кирдиңби?
Ардактуу агаң Орозбек,
Кайда экенин билдиңби?
Бет алышып, кат берип,
Кабарлашып жүрдүңбү?
Кан жөткүртүп фашистти,
Каармандарым сүрдүңбү?
Алгыр шумкар куштарча,
Асманда жүрүп алышкан,
Адети баатыр кыраандар,
Алуучу жолун табышкан,
Алар менен учтуңбу?
Асмандан тээп түшүрүп,
Айланган жору кузгунду,
Ажыдаардын—жыландын,
Ордосун быт-чыт буздуңбу?
Тетигин басса жарылып,
Чаң түтүнүн булаткан.
Билгизбей жердин койнунан,
Бирөө миңден кулаткан.
Касиетин көргөзүп,
Канкорлорду сулаткан,

Катарлап мина көмдүнбү?
Канкорлордун кыйраган,
Өлүктөрүн көрдүңбү?
Жол баштаган башчынын,
Акылына көндүңбү?
Жаш болсом, мен да барсам деп,
Өткөн үчтү алсам деп,
Өзүмө тең-туш бир канча,
Карылар жүрдүк арманда.
Орозбегим, Салмоорум,
Окишиң кайда жан—бооруң?
Жаралып ысык денеден,
Бир туулган ата-энеден.
Орозбегим, Салмоорум,
Ээрчишип келсе дээр элек.
Амандыгың билинбей,
Караанын көзгө илинбей.
Балам сени күткөн мен элем.
Көргүм келет кылчактап,
Кайта-кайта кучактап,
Жашып кетип баратам,
Балам көзүмдүн жашы бурчактап.
Тилечү элем келсе деп,
Тирүүңдү билбей темселеп.
Тилеги каткан фашистти,
Тукумун үзүп женсе деп.
Тирүү жандан түңүлбөй,
Туура экен го эңсемек.
Эне-атаңды кубантып,
Эсен келдиң Салмоорум,
Ээрчишип эгиз козудай,
Экөөң элең балдарым.
Билесиңби Сакишим,
Орозбек кайда калганын?
Бутагы бүрдөп майышкан,
Булбулдар конор тал бекен,
Бир тууганың Орозбек,
Кайсы шаарда калды экен?
Бурулуп келсе сенчилеп,
Мундашаар күнүм бар бекен?
Көктөмдө шагы ийилген,
Күкүктөр конор тал бекен?

Күйүшөр агаң Орозбек,
Көрүнбөйт кайда калды экен?
Тирүү келсе сенчилеп,
Көрүшөр күнүм бар бекен?
Көңүлүм толкуп кучактап,
Өбүшөр күнүм бар бекен?
Кабагын жайып эл жыргап,
Жыргалдуу элге мен ырдап,
Улуу Сталин көсөмдүн
Аманын тилеп жатабыз...

*1944*

Александр Невский,
Бажарский Мининдей.
Душманын кууп Суборов,
Кырып жойгон күнүндөй
Наполёонду кыйраткан,
Кутузовдун сүрүндөй,

Падышаны кулаткан,
Баатыр Ильич балбандай.
Бай чиновник төрөнүн,
Баарына бүлүк салгандай,
Өз колуна Сталин,
Өмүрлүк жеңиш алгандай,

Желдеттерди талкалап,
Жер менен жексен кылган деп,
Жаш кыраандар жалтанбай,
Душманын кырып тынгын деп.
Өмүрлүк тарых даңкы бар,
Биз үчүн жеңиш жылдан деп.

Маршалдардын айтканын,
Каарман жоокер угушту.
Кайрат жыйып кыжынып,
Камынышып турушту.

Баатыр орус эли деп,
Дүйнө жүзү байкады.
Элдин күчү—фашистти,
Сел алгандай жайпады.

Эрдемсинген душмандар,
Селдеп түрүү кайтабы?

Тебелеп өтүп душманды,
Таңкалар миңден шаркылдап,
Сталиндик жеңиштүү,
Көчөлөр толкуп жаркылдап.
Автомат, пушка, замбирек
Асмандан, жерден тарсылдап.

Баатыр элдин уулдары,
Миллиондон каптады.
Кандай кылар айласын,
Канкор Гитлер таппады.
Алп жүрөктү жоокерлер,
Арышын керип аттады.

Берлинди курчап алганда,
Бетме-бет тура калышты.
Бардык күчүн бир чыңдап,
Фашисттер уруш салышты.
Каруусу кеткен канкорлор,
Катуу кыргын табышты.

Душмандын ойрон болорун,
Баш тартканда билишти
Фашисттерди талкалап,
Баатыр эл басып киришти.
Рейхистагтын үстүнө
Жеңиштин туусун илишти.

*1945*

## БААТЫРГА БЕЛЕК

Сагынып салам жаздым уулдарыма,
Жыйырма алты жылга толду туулганыңа.
Сталин кеменгердин шаңы менен,
Кайрат күч жарык нурга жуулганыңа.

Балдарын баатыр көсөм чакырганда,
Таң калган дүйнө жүзү акылманга.
Советтин даңкы чыккан баатырлары,
Душмандын күлүн көккө сапырганда.

Эл коргоп эрк сактаган эмгек үчүн,
Тутанган душман отун жеңген күчүн.
Курч калем кучагынан алган белек,
Кан кечкен каармандарга бермек үчүн.

Ала-Тоо абасында кыргыз уулу,
Көтөргөн Ленин берген кызыл тууну.
Чакканы чамынышып оп тартканда,
Арыстандай ажыдаардын оозун бууду.

Жазы чүй, башы Ысык-Көл жерлеринен,
Балбан күч баатыр жүрөк эрлеринен.
Ала-Тоо аймагында жашап келген,
Кыраакы Кыргызстан элдеринен.

Каарланып канкорлорду талкалаган,
Кан төгүү майданында чарчабаган.
Шопоков, өзүң менен жыйырма сегиз,
Баатырлар эч адам жок алкабаган.

Жерде—танка, асманда—аэроплан,
Көз көргүс түрүлгөн чаң көктө туман.
Тоо жарып жер солкулдап келген жоого,
Кыраандар кыргын салдың улам-улам.

Улуу тарых бетинде жолуң калды,
Эрдикти кыргыз элиң колуна алды.
Жерлештин жер майышкан баатырлары
Жалтанбай фашисттерге кыргын салды.

Баатырлар курман болгон жыйырма сегиз,
Талыды талкаланды куулду немец.
Өзүңдү өлөрмандан ала-ала
Өттү го биздин колго бардык жеңиш.

Угамын элди коргоп келгендерден,
Душманын тургузбаган мергендерден,
Кайра кууп басып келген жолуң менен,
Мындагы тылга белек бергендерден.

Мүсүдин, Дайыр сындуу баатырлардан
Кыргыздын кыраандары миңдеп барган.
Баш кесип кан төгүшүп суу ордуна
Фашистти талкалашып мээри канган.
Кайраты катуу жалын өрттөй жанган
Жүз кылым жүрөгүнөн кетпес тагы
Душмандын өмүрүнө баскан тамгаң.

Муз бүркүп, шамал минип булут жарган,
Аралап ай жылдызды учуп барган.
Атака аткычтарын тегиз жасап
Калкына берген антын унутпаган.

Атсаң ат замбиректи Ташмаматтай,
Бирөөнөр миң сан жолду каптай-каптай.
Созобуз үнүбүздү биз акындар
Баатырлар эрдигиңди мактай-мактай.

Днепр дарыядай аксын каны
Качса куу алкымдан буу чыксын жаны.
Өрт эле жалыны өчтү чогу гүлдөп
Дүйнөдөн өмүрүнүн көчөр маалы.

Көрк ачып нурга баткан ыйык чегиң,
Качканын каармандар кууп жеткин.

Талашып тарпка түшкөн кузгун, жору
Кутурган ит катары куулсун кетсин.

Айкын жер ай аалам эл кубатысың
Ардактуу ата мекен кубанчысың
Дары бузган аскадай талкаланып
Баатырлар! бардык душман кулатылсын.

*1945*

## БИЗ ТЫНЧТЫККА ОРНОШКОН

Биздин элде эркиндиктин булагы,
Биздин жерде тынчтык доордун турагы.
Улуу Сталин элиң менен жаша деп,
Дүйнөлүк эл тынчтык доорун курады.

Биздин элде билим таалай чырагы,
Кремлде элдин сүйгөн ынагы.
Эркке каршы элге душман жоо келсе,
Чын күрөштө аны жойбой тынабы.

Трумен, маршалл ажыдаарча оп тарткан,
Черчил каман тынч элдерге көз арткан.
Ыйык чебин, боордош элим коргогон,
Четтен чыгат Черчил—сендик көп арстан.

Алакташкан адамзаттын душманы,
Даярланат эл арасын бузганы.
Жек көрүнчү жер жүзүндө жырткычтар,
Желпинишет жеп ичкенин кусканы.

Трумен, Черчил эки дөбөт кутурган,
Тынчтык күткөн элди карай жутунган,
Баатыр элге сен тийишсең кулайсың,
Болот капкан таамай чаап бутуңдан.

Келсе душман баатыр элге кабылат,
Кимдин жоокер экендиги таанылат.
Тынчтык доорун күткөн элден кулатат,
Өчүн алып, өлүм менен дарылап.

*1950*

## КҮН БАТЫШ ЖОЛУН КАРАЙМЫН

Беш талдап чачым тараймын,
Белестен жылдыз санаймын.
Бир боорум келер бекен деп,
Келүүчү жолун караймын.

Күнүгө чачым тараймын,
Күүгүмдөн жылдыз санаймын.
Күйөрүм келер бекен деп,
Күн батыш жолун караймын.

Сакишим, жаным, жүрөгүм,
Окишим өмүр мүрөгүм.
Сапарың куттуу болсун деп,
Сагынамын жүрөмүн.

Ок аттың канкор фашистке
Ой бердиң жооңду жеңишке.
Канатың болот күүлөгүн,
Жеңиш менен келишке.

*1944*

## КУТТУУ БОЛСУН ЖЕҢИШ МЕНЕН КЕЛИШИҢ

Октябрдын нур булагы кайнаган,
Өлкөсүндө өмүр гүлү жайнаган.
Ата Ленин баштап чыккан күндөрдөн,
Энчилеген эл бирдиги тайбаган.

Улуу Сталин өрт-жалында чыдаган.
Баатырлардын балбан күчүн чыңаган.
Эрик таңына эмгекчини жетелеп,
Бакты берип маңдайынан сылаган.

Таң калдырды бүт дүйнөнү дүбүртүң,
Кан төгүшүп төрт жыл бою күнү-түн.
Куралданып каршы чыккан жоолордун,
Калдыгы жерге көмүлсүн.

Күн батыштан күрөшкөнүн жыгышкан,
Япондорду жана жеңип чыгыштан.
Туш-туш жактан душмандарын кулатып,
Эркин эмгек элдин көөнү тынышкан.

Эчен жаңы каналды алдык дайрадан,
Суусуз чөлдөр гүл термешип жайнаган,
Өрт ичинде өскөн элиң октябрь,
Партиялык улуу жолдон тайбаган.

Эстелбеген эски жерлер жаңырып,
Жаралгандан жабык кендер табылып.
Өрттөй өрчүп өскөн элдин таалайы,
СССРда күндө сонун жаңылык.

*1945*

Чегиң Кызарт Кочкор менен жанаша,
Бир жагында Борду Бөлөк чаар арча.
Жашыл төрлөр жапырт кулаң бетеге,
Жайытындын жаңы түрүн караса.

Соң көлүң бар, сонун жердин сереси,
Бетегелүү катар ашуу белеси.
Колхоз малы гүл аралап жайылса,
Каркыранын талаасындай элеси.

Сөөк, Каракол, кең Суусамыр бир жагың,
Кандай сонун жайкы күндө жыргалың.
Сууларыңдын баары тунук мөлтүрөп,
Түпкү менен туулуп өскөн Жумгалын.

Каракече дүңгүрөмөң кара алтын,
Катарланган тоолоруңдун баары алтын.
Жаткан экен асылдарды кучактап,
Жумгал сенин туура кабак канатың.

Коюнуңдун бардыгы асыл кен экен,
Жарыктыкка жайнап чыкты берекең.
Жумгал кабак сенде туулуп өскөн эл,
Ырысы өскөн Сталиндин эли экен.

Эркиндиктин таңын күтүп жаткансың,
Кенчисиң го койнуңдагы заттардын.
Аккар мөңгү атырылтып суу берип,
Ак буудайың кардын жарды каптардын.

Бир убакта жаздым эле Кабак деп,
Кечиктирбей кендериңди табат деп.
Капчыгайдын кагар зоосун уратып,
Ат ордуна поезд минип барат деп.

Кулатылат кучагыңдан аска деп,
Кабак сенин касиетиң башка деп.
Отузунчу жылда жазган чыгармам,
„Токто Кабак толкундайсың шашпа" —деп.

Ошол ырым эсиңдеби Кабагым,
Ошондогу ушу жазган каламым.
Коммунизм барагында турасың,
Ишенбесең китебимден карагын.

Кыраан барчын уялаган зоолоруң,
Бугу, марал, кийик өскөн тоолоруң.
Карагайдын калыңынан жол бербей,
Туура Кабак туюк жатчу коолоруң.

Андай туюк тоскоолдорду уратып,
Аскаларды аңтарганбыз кулатып.
Жору туучу зоокаларды талкалап,
Жол салганбыз автобузду чубатып.

Кайың, арча карагай тал терегиң,
Толуп жаткан токой байлык керегиң.
Ыргай, шилби, четин, арча, табылгы,
Баары байлык колхозчуга берериң.

Өлкөбүздүн өсүп жаткан элдери,
Эл жаралып мекен кылган жерлери.
Болот кайнап билим жайнап жаңырган,
Биздин ата Сталиндин бергени.

*1950*

## ЖЫЙЫРМА ЖЫЛДЫК ТОЙГО

Баатыр Ленин берендин,
Баштап кеткен жолунда;
Улуу Сталин көсөмдүн;
Нур жайнаган доорунда;
Бардык жагы кенелип,
Алдыңкы элге теңелип,
Акылы өскөн кыргыздын.

Ленин туусун жайганда,
Кан төгүшкөн майданда;
Кара жер бети казылып,
Калбыр болгон жайларда,
Бактылуу болуп балдары;
Фашистти басып алганда,
Баатыры өскөн кыргыздын.

Келини ишке берилип,
Кыздары өсүп керилип;
Кан майдандуу күрөштө,
Жигити баатыр дедирип;
Миллиондоп шаттанып.
Милдетин толук аткарып,
Эли өскөн кыргыздын.

Саймадай гүлүн жайнатып,
Гүлүнө күкүк сайратып;
Төрт түлүк мал чарбасын,
Салкын төргө жайлатып

Фабрик, завод салынып,
Бардык шаары жаңырып,
Жери өскөн кыргыздын.

СССРде ардактуу
Тоюбузга эл келип,
Абасы таза Ала-Тоо,
Аймакка алтын кен берип;
Арттан алга өтсүн деп,
Атабыз көсөм дем берип,
Арышы өскөн кыргыздын.

Карыя, кемпир-абышка,
Туура туруп намыска,
Катарынан калбаган,
Кайратман кетмен чабышса,
Карысы мыкты кыргыздын.

Толкундаган дайрадан,
Туура тосуп байлаган;
Өркөчтөнүп суу акты,
Ным турбаган сайлардан;
Канал казып нук ачып,
Кумсарып жаткан талаалар,
Кулпунтуп жашыл күл чачып;
Жээгинде шабыр үлпүлдөп,
Өзөнү толуп суу келип,
Дайрасы өскөн кыргыздын.

Аскасы металл кен берип,
Чарбасы байлык төл берип,
Туздары тунук мол берип,
Түздөрү түрдүү дан берип,
Данынан аппак нан берип,
Пайдасы өскөн кыргыздын.

Аскалуу зоолор заңкайып,
Алдында тоолор чалкайып;
Торпусуна колхоздор,
Түрүлтүп чарба мал жайып;
Жайлоосу жибек түрүндөй,
Жашылдуу килем түрүндөй,
Төрлөрү өскөн кыргыздын.
Туландуу адыр, сеңири,

Айдоосу талаа кеңири;
Ар жыл сайын ашырып,
Түшүм берип эгини;
Багында булбул сайратып,
Өлкөсүн гүлгө жайнатып,
Өркөнү өскөн кыргыздын.

Түтүнү туман сапырып,
Гудогу күүсүн чакырып,
Шаркырап сүзүп кемелер,
Моторун суугa батырып,
Каз-өрдөк сүзүп, куу ойноп,
Колхоздор конуп көл бойлоп;
Балыктар ыргып чалкылдап,
Кайыктар ойноп жаркылдап,
Ысык-Көл, Соң-Көл, Чатыр-Көл,
Көлдөрү өскөн кыргыздын.

Метис кочкор, меренос кой
Кою асыл ошондой.
Жыйырма жылга чын толуп,
Жыргалдуу кыргыз берген той.
Өрүшүнө мал жайнап,
Идиши толо бал-каймак,
Чарбасы өскөн кыргыздын.

Туягы болот марал баш,
Тулпардан мындай жаралбас;
Жүгүрсө ок жетпеген,
Жүнү тайкы жылаңач;
Жылкысы жолборс белденип,
Ойносо шамал желденип,
Мал башы өскөн кыргыздын.

Ойноктотуп ат байлап,
Кант кызылча, пахта айдап;
Арасында гүл жайнап,
Агроном жардамдаш,
Ар өсүмдүк септирсе,
Анысы өскөн кыргыздын.

Алтын, күмүш, жез, калай
Түрдүү нефть кенге бай;

Түрүлтүп мүлкүн чыгарып,
Жаңы ачылды Майлы-Сай.
Кашка-Суудан казылып,
Кара-Үңкүр, Талас, Кум-Белден,
Карк алтындар ташылып;
Ак-Туздан металл алынып,
Жыйырма жылдын ичинде,
Жайнап чыгып жаңылык,
Баарысы өскөн кыргыздын.

Он эки катар үй тарткан,
Он миңден тонна жүк арткан.
Кыйкырса үнү угулуп,
Кырк чакырым ыраактан;
Арстанча бакырып,
Түтүнү көккө атылып,
Жөнөдүм жүрү дегендей,
Жол адамын чакырып;
Паровоз балбан күжүрмөн,
Вагондор ээрчип жүгүргөн;
Астында темир жолу бар,
Балбаны өскөн кыргыздын,

Күчөтүп цемент шыбатып,
Темирдей бекем чыдатып;
Чет көчөнүн бардыгын,
Таш тиздирип кынатып;
Жарыштырып күнү-түн,
Машинасын чубатып;
Тереги тегиз бүр алып,
Мөмөсү жайнап гүл алып,
Тоолу аска өңдөнтүп
Кабат-кабат үй салып;
Саатка болжоп ар дайым,
Гудоктору үн салып;
Жыйырма жылда кыргыздын,
Өскөндүгү мынчалык;
Кең Фрунзе кенен шаар,
Борбору өскөн кыргыздын!

*1946*

## БЫЙЫЛКЫ ЖАЗ

Жашылдантып жер бетин,
Жайнатып гүлүн терметкен.
Жасалгасын салынтып,
Жаздын баарын демдеткен,
Кулпунтуп жерге түр берген,
Куттуу болсун эркин жаз.
Кардуу катуу кыш кетти,
Колхоз-совхоз моокуң бас,
Чын кужурмөн эр, аял,
Чымдуу жердин бетин ач.
Жер семиртип дарылап
Жеңиш үчүн үрөн чач.
Жетишкен биздин күч-кубат,
Жерин боштон калтырбас
Гүлдөтүп мейкин талааны,
Күндө күмүш-алтын каз,
Элден өскөн эпкиндүү
Эчен чыкты келинден
Стахановчу балбандар,
Күч атасы дедирген.
Сталин үчүн, эрк үчүн,
Элим сенин камылгаң.
Эр, аялдан эпкиндүү
Эмгегинен таанылган.
Талыбаган балбандар,
Талкалап ташты эриткен.
Тар капчыгай татаалдын,
Кучагын жайып кеңиткен.

Тал жибектей түрдөнтүп,
Талаанын гүлүн керилткен.
Кумсарган суусуз чөлдөрдү
Кулпунтуп жашыл көрүнткөн.
Жалындуу өрттөй чатырап,
Колхоздун күчү кайнаган.
Жериң сонун гүлдөдү,
Жибек килем саймадан.
Күн нурундай жаркырап,
Гүлдөдү биздин бай заман.
Каармандар качпаган,
Кандуу кылыч найзадан.
Күндө талбай иштешке,
Күжүрмөндүк күч керек.
Эне, жеңе, кыз, келин,
Эр ордуна иштемек.
Убактында эмгекти,
Биз жеңбесек ким жеңет.
Жыргалдуу совет элине,
Жырткычтар кантип теңелет.

*1950*

Эскиден кайра жаңырган,
Эрк тамгасы салынган.
Асылдыгы жибектей,
Жүндөрүнөн таанылган,
Козулары маараса,
Үндөрүнөн таанылган,
Кышында семиз чыксын деп,
Сарайы жылуу салынган,
Жай күнүндө жайкалып,
Көк майданга багылган,
Ошо койду кайтарган,
Санатчы келсе өскөнүн,
Далилдеп толук айталган,
Субайларын бир бөлүп,
Сулуу төргө жайдырган,
Жалгыз токту жедирбей,
Жайы-кышы короодон,
Карышкырга – каршы бек турган,
Короობуз сепил курулган
Малчыларды ырдаймын.
Асыл тукум жылкылар,
Чолпон-Ата совхоздо.
Күлүк жорго аргымак,
Бардыгы семиз колхоздо.
Фермалуу жылкы тукумчул,
Жабагы тайын ээрчиткен,
Жаңы тууган кулунун,
Уузун берип телчиткен,

Ак ниетүү жылкычы,
Эмгегинен мал күткөн.
Жакшы тукум жылкынын,
Жабагы тайы жар маңдай,
Жабыктырбай багылат.
Жамбыдан жасап алгандай.
Көкүрөгү дагдайып,
Көрүнүшү балбандай.
Жүгүргөн сайын күчөгөн,
Күлүктөр чыгат ар кандай.
Оюн салса куюндай,
Кулундары кулан жал,
Минсе адамдын канаты,
Жылкы деген асыл мал.
Мүйүздөрү уйлардын,
Жаралган экен туулгандан,
Өрүшүн карай бет алып,
Өзү эле кетет айылдан.
Уйлардын көнгөн мүнөзү,
Өлөңдүү сазга жайылган.
Сайгак кууп артынан,
Уйларды койбойт тынчына.
Куугунтук жеп жөнөсө,
Куйругун салып сыртына.
Адырандап жөнөсө,
Теңелгендей жылкыга.
Өрүшү суунун боюнда,
Өлөңдүү сазда жайлары.
Сары каймак, ак жуурат,
Ичсең татту айранын
Жалтылдатып семиз бак,
Каймагы берет пайданы.
Акырын басып жер челип,
Айылдан чыгып жөнөсө.
Күдөктөй үнү заңгырап,
Алыс жерден мөөрөсө,
Кеми жок тоодон салмагы.
Тартынбайт да тайгылбайт,
Арабага салганы.
Өрүшү бай колхоздун,
Өгүзү жүктүн балбаны.
Качырып кирсе чунайып,

Карышкырды тоотпогон,
Эч адамга кайтартпай,
Жайытка барып оттогон.
Уйларымды ырдаймын.
Тазасында дарылап,
Котур тыйтак жолотпой,
Эчкисин эркин багышкан,
Эгиздеп улак алышкан.
Эркин баккан малынан,
Эки эсе эмгек табышкан.
Мен өстүрөм дегендер
Мелдеш менен жарышкан.
Мал планын ашырып,
Родинага жагышкан.

*1949*

## МАЛЧЫЛАРГА

Минсең канат учарга,
Саасаң булак ичерге,
Этегиңди жайылтып
Арыштасаң түз жерде!..
Чуркаса шамал жетпеген,
Жылкы деген кымбат мал!

Тилиме кирет дебестен,
Тикенди көрсө тиктеген,
Чогойнону көргөндө,
Чоң сугунуп бүктөгөн.
Барчылдата чайнаса,
Чычырканак түтпөгөн,
Чындаганда бир үйдү,
Үстүнө үйө жүктөгөн.
Төрт таманы талпайган,
Азуусу бычак арсайган.
Малдан күчтүү төө болот,
Астынкы ээрди шалпайган.
Төөнү, бак, төрөп көп болсун,
Талыбайт канча иштесең.
Тайлагы атан лек болсун.

Музоосу марал кулактуу,
Буттары ача туяктуу,
Букалары булкунуп,
Бугунун өзү сыяктуу,
Уй өстүр, малчы, жакшылап.
Койкондоп койдун ичинде,

Кооздугу кулжадай,
Мүнөзү сонун көрүнөт,
Мүйүзү чоюн тулгадай.
Айтылган малдын ичинде
Асылдыгы бир далай,
Жаз ыраңда жай алган.
Узун куйрук жибек жүн,
Карчыгага май алган,
Туутунда маараса,
Койдон коңур үндөрү,
Маалында кыркса үлпүлдөн
Мамыктан жумшак жүндөрү.
Текеси күздө бапылдап,
Куут маалында эчкинин,
Артында болот такымдап.
Күнү-түнү тынчы жок,
Күүлөнүшөт шакылдап.
Эчки күтсөң семиз бак,
Эгизден тууйт жазында.

Жайкалтып жайдын күнүндө,
Кышкы малдын чөбүн чап,
Асыл тукум койлордун,
Эч коротпой төлүн бак.
Кышкы суук чилдеде.
Сарайыңды жылуула,
Малыңды суукка урунтпай,
Кыштоо жаса, буруута,
Сарайыңды ремонттоп,
Ичи-тышын сулуула.

*1945*

## БИЗДИН СОВХОЗ ЭПКИНДҮҮ

Буудай, арпа, сулуу, кенеп, кызылча,
Дыйканчылык жер чарбабыз ушунча.
Совхоз, колхоз сапаттарын чыңалтып,
Өсүп жатат зор атактуу кыргызда.

Комбайндар оруп, басат эгинди,
От жүрөгүм оюм менен берилди.
Байлык, бакты, маданият өскөндөн,
Толкунданам токтоталбай демимди.

Эмгек туусун эрчип келдим жашымдан,
Күн-түн кетпейм кызыл кырман башынан.
Молотилка басып жатса бапылдап,
Автобустар аркы-терки ташыган.

Мал чарбабыз асылданып курулду,
Асыл айгыр, асыл бээнин кулуну,
Төрттүлүк мал чыгашасыз тукумдап,
Социалга сан-сапаты бурулду.

Биздин совхоз миң-миңдеген кою бар,
Аны баккан ак ниеттүү койчулар,
Келер жылда төлү менен сакталып,
Миллиондон ашат деген ою бар.

Эрик бизде, байлык бизде, күч бизде,
Машина бар өнөр жайлар бүт бизде,
Ушул жыргал зор турмуштун ачкычын,
Кармап бекем биз бербейбиз эч кимге.

*1946*

## ЭРКЕ ЖҮРӨК САГЫНГАН

*(Малчыга кат)*

Мен көпөлөк кызыл-жашыл гүлдөгү,
Сен эмгектин баатыр улуу күндөгү.
Айтышкан сөз, сунушкан кол кечикти,
Асман нуру айлуу жарык түндөгү.

Сен бир шумкар чабыттаган зоодогу,
Сен эмессиң бек байланган боодогу.
Келер болсоң кол булгайын көз ымдап,
Көркү жашыл көк жибектей тоодогу.

Мен бир булбул жаз бүрдөгөн талдагы
Сен баатыр ук, даңкың чыккан малдагы.
Көп кечикпей келемин деп бекишип,
Кол кармашкан антың кана андагы.

Малың кандай кең Суусамыр төрдөгү?
Мен аңкаган кызыл гүлүң чөлдөгү.
Куса болду кумарланып эки көз,
Жамалыңды жал-жал тиктеп көргөнү.

Эмгек баатыр даңк алганда малыңдан,
Алтын жылдыз, Ленин орден тагынган,
Окуу окуп, Фрунзенин шаарында,
Эстен кетпей эрке жүрөк сагынган.

*1949*

Атам тентип келген жер
Бай-манаптан куулуп,
Балапан кезде келипмин
Кең жумгалдан туулуп.
Амансыңбы өткөн жер,
Адыр, талаа, тоо, ташың,
Жер кепедей жай алып,
Жети жыл өскөн жаш башым.
Жер кепеден жай берген
Жокчулук элең чоң касым,
Жокчулуктун жоругу,
Жайдан кышка жөө басып,
Алсыратып ал кетип,
Анардай кызыл өң азып,
Жегичтердин азабы,
Жергелүү элден адаштым.
Чыйрактыктын белгиси:
Жети жаштан ат чаптым
Оокатсыздын түүшүгү,
Орок оруп, чөп чаптым:
Ошол күндөн тынымсыз,
Малайлыкта мал бактым.
Сарайда жатсам оолугуп,
Сабактатып ырдадым;
Атка жетпей жөө жүргөн
Анда барыксыз кырдалым,
Туулуп-өскөн жер элең
Коңур-Өгүз, үч терек,

Андай малай болбоско
Ат табышка күч керек.
Кетмен-Төбө, Төрү кең
Жерден жүрүп кеттим мен,
Бир туугандай көрүнгөн,
Жалпы эмгекчи элим сен!
Жазы-Кечүү, Көк-Белден
Жалгыз аяк жол кеткен,
Өөдө ылдыйдан жүргүзбөй
Жолоочу атын тердеткен.
Ары бери өткөндөр
Ат жетелеп жөө баскан,
Айла барбы жөөлөбөс;
Алтымыш аска бел ашкан;
Аттан туура түгөнчүү
Арасында бош таштан.
Ошо жолдор бул күндө
Ойдогудай оңолгон,
Андагы жоонун бардыгы
Ойрону чыгып жоголгон.
Адамдын көзү жетпеген
Айланасы тоо эле.
Ак шумкар учуп өтпөгөн,
Аскалуу катар зоо эле,
Ортосунда толкундап
Дарыя жаткан коо эле;
Тоскоолдуу тоосун ураткан,
Омкоруп зоосун кулаткан;
Автомобилди тындырбай,
Аркы-терки чуркаткан.
Татынакай тасма жол.
Туурасы кенен казылган,
Жаңы жол менен жаңырып,
Машина минип барганмын;
Оюма түштү ошондо
Баштагы өткөн арманым,
Атым жүрбөй бир сайда
Талаага түнөп калганмын;
Болгон ишти элестеп
Бошой түштү дарманым.
Келип көрсөм чалкайып
Кетмен-Төбө кең болгон,

Эгин, пахта, күрүчү
Элине байлык кен болгон:
Мурунку өткөн кылымда
Мунарык басып жаткан жер,
Тополоңдун алдында
Топурагы каткан жер—
Эми келип карасам,
Түркүм гүлүн ачкан жер,
Элге, жерге нур берген
Эр Сталин кемеңгер!
Узун Акмат, Айыктык
Күн батыштан эки суу,
Эмгекчилер жердеген
Күнгөй жагы Жети-Суу,
Падышалуу заманда
Бай-манаптар туруучу;
Каяша айткан адамды
Камчыга алып уруучу.
Казы, мупту, бай сурап
Кара доо-сыяз куруучу,
Казы, бий ойлоп жеген эл
Кайгы менен жүрүүчү...
Ошол өрттү өчүрүп,
Жаңы доорго көчүрүп,
Партия берген Кызыл Туу!
Кошо жүрдүм силерге
Коргон, Шанек, Арымда,
Колго жолдош тилге күч
Комузум бар жанымда;
Эркин доор болгону
Элим келбедиң деп таарынба,
Эми келдим көргөнү
Элүүдөн ашкан чагымда!
Эки-Чычкан, Жаргатта
Жерден кеткен муң капа,
Гүлдүү турмуш күн берген,
Шаңшыган шайыр үн берген,
Улуу Сталин бизге ата!
Көөдүл, Ничке, Шамшыкал
Тузуң аппак тунук зал,
Адам ичип мал жесе
Анык таттуу шекер-бал;

Аралап көрсөм элиң бай,
Адырың, түзүң бирдик мал.
Ой алма, Бөксө, Тору кен
Үстүң айдоо, Үч кишен,
Туулуп келип Жумгалдан
Туруп өскөн жерим сен,
Алмадай кезден асырап
Ата болгон жерим сен!
Корумду, Муз төр, Арамза
Колхоздун малы жайылган,
Жашыл жибек түрдөнүп
Гүлү сонун саймадан,
Санаасы жарык фермалар
Сазына бээсин байлаган,
Коңур өгүз, Кош-туулук,
Үч терек жагы мандайың,
Мал күттүрбөй баарыңды
Манаптар жечү ар дайым;
Көргөнүмдүн бардыгы
Көкүрөккө дап дайын;
Эмгекчи дыйкан колхоздор
Эми кандай ал жайың?
Боз шыбактан башка жок,
Бозоруп жаткан жака элең;
Үстүңө жайнап гүл албай
Өмүрүңчө капа элең;
Балтырдай суу батпаган
Арыгың мукур тар эле,
Гүлдөсө менин бетим деп
Бир тилегиң бар эле.
Эми келип мен көрсөм:
Эгиниң эрте себилген,
Туш-тушуңду гүл алып,
Жакаңа пахта эгилген;
Кыз-келиниң, элиңди
Кызыгып көрдүм теримден,
Бейлиңди чечип гүл жайнап,
Берекең элге берилген,
Коңур өгүз кош-туулук
Кошмо татыр, жер уулук,
Кеткенимден кайтара
Келишим ушул бурулуп,

Көркүңдү ачып жайдары
Гүлдөнүпсүң кубулуп.
Тоосуна бугу топтогон,
Адырын аркар оттогон,
Добуш чыкса удургуп
Кача түшүп токтогон.
Бууракан ата, Чоң орток
Маңдайың чыбыр Коңорчок,
Бетеге менен туланың
Ферманын бардык малы оттоп.
Кара-Дөбө, Бел-Башат,
Кайыңды, Жердик, Кошкашат,
Колхоздор жерден гүлдөтүп
Улуу доордо болдуң шат.
Чеч-Төбө менен Ичке-Сай,
Араң учуп өтчү эле
Тардыгыңдан чакчыгай;
Ал кезде элиң жарды эле
Азыркы күндө жапырт бай.
Кекилик ашуу, такталык,
Кетпеген ак кар сакталып,
Күн тийбеген үстүңө
Кара туман капталып,
Ачылды багың гүл жайнап
Алтын баасы пахта алып.
Пахтасы түптөн чайлаган,
Күрүчүн күздүк айдаган,
Күрпөң-күрпөң жүгүртүп
Күрмөккө атын байлаган,
Кызыгып ишке берилип
Кыз-келини жайнаган;
Канал алып дайрадан
Сууң асыл болуптур.
Алтын жазуу жазылып
Тууң асыл болуптур,
Ар үйүндө аппак шам,
Тузуң асыл болуптур,
Пахта, күрүч айдалып
Жериң асыл болуптур,
Бардык шайман жетилип
Эгин асыл болуптур,
Энчи алышып эмгектен

Элиң асыл болуптур.
Баары кымбат жаңырып
Малың асыл болуптур,
Пахта завод салынып
Шаарың асыл болуптур,
Пландан артып кампаңар
Ак буудайга толуптур;
Куттуу болсун элиңе
Учпас сыймык конуптур!

*1941*

## ОШ ОБЛАСТЫНДАГЫ КӨРҮНҮШ

Башың Өзгөн, үстүң Алай, Ала-Тоо;
Ак мөңгүлүү асмандаган аска зоо;
Тоолоруңдун арасында ыкшалып,
Карагайдан калың чыккан арчаң шоо.

Аска зооңдо ак кар мөңгү токтогон,
Арасында эчки-теке топтогон.
Түлкү жойлоп, суусар ойноп бадалдан,
Адырында аркар-кулжа оттогон.

Төрүң сайын балдан таттуу суулардан,
Булактарың оргуп чыгып куралган.
Асыл тукум мал чарбасы семирген,
Жайлоосунда жашылданган тулаңдан.

Жазгы кошко күз башынан камынган,
Ат-өгүзү алты ай болжоп багылган.
Төртүнчү беш жылдык үчүн Ош эли,
Алды менен айдоосунан таанылган.

Каналдары кар кеткенден чабылган,
Эр-аялдар эмгек гүлүн тагынган.
Кызыл-тазыл кийинишип талаада,
Кыз-келини кызматында жабылган.

Көлөмү кең Ош—Кара-Суу шаарынын,
Күлө багып көңүлү ачык баарынын.
Боорун сылап бош жатканын көрбөдүм,
Жашы өтүп өбөктөгөн карынын.

Жалтанбаган жалын жүрөк жаштарын,
Эр-аялдан эмгегине маштарын.
„Кызыл-Шарктын“ колхозунан таанылды,
Жарыш менен жазгы айдоосун баштарын.

Кетменчисин келин менен кызынын,
Көз толкутуп көрүп турсаң кызыгын.
Көйнөктөрү тегиз жибек, атлес,
Көңүл чиркин көркүн көрүп ысыдың.

Тең курулган бардык соко-шайманы,
Тракторлор талааларга жайнады.
Февралдын жыйырмасынан башташып,
Эгин сээп, пахта жерин айдады.

Кемпирлери кышкы суукту тоотпой,
Жибек куртка жиксиз салган заводдой.
Төртүнчү беш жылдык үчүн асырап,
Асыл куртун багып чыккан коротпой.

Пахта завод-фабриги салынган,
Моторлору Москвадан алынган.
Кыргыз элден Ош областынын өсүшү,
Сынак күндө СССРге таанылган.

Кызыл-Кыя, Сүлүктүдө көмүр кен,
Жаралгандан жер алдында көмүлгөн.
Кардын жарып казып чыгып балбандар,
Мына бүгүн бүт дүйнөгө көрүнгөн.

Өрүк, алма, жүзүм, анар, шабдаалы,
Бир жагынан гүлдөп жаткан ал дагы.
Чээнде, жаткан аары чыгып гүл соруп,
Челкилдеген челек-челек балдары.

Гүлү сайын күндө мөмө байлаган,
Жери сонун жибек килем саймадан.
Жер жемиштин көлөкөсүн жамынып,
Күкүк үндөп, булбулдары сайраган.

Баарын көрүп балыкча ойноп жүргөнүн,
Сен жүрөгүм мени келет сүрдөгүң.
Ош шаарынын жибек заводун аралап,
Көңүлүмдө көрөйүн деп жүрөмүн.

Гудогунун күүсү чыкты бакырып,
Көк түтүнүн көкөлөтө сапырып.
Тура калып, кулак салып тыңшасам,
Бери келгин деген өңдүү чакырык.

Кайратынан канкор душман багынган,
Катарлантып орден-медаль тагынган.
Кыраан шумкар сыяктанып бир жигит,
Кыя салып өтүп барат жанымдан.

Мен көрүштүм ким экеними билсин деп,
Сурай калды жөнүңдү айт кимсиң? деп,
Жазуучулук акындыгым билген соң,
Баштап барды фабрикке кирсин деп.

Заводдордун баралары жүгүргөн,
Жымыңдаган жибектери түрүлгөн.
Кызыгышып иштеп жаткан заводдо,
Эркин эмгек эр-аялы күжүрмөн.

Тонналашып даярдаган жибегин,
Таанып чыгуу менин барган тилегим.
Сурап алып сулуулардын бирөөнөн,
Кабар таппай кайсынысын билемин.

Араласаң түрдүү обон угасың,
Ал заводдо аң-таң калып турасың.
Маш болушу машинадан кем эмес,
Кыз-келиндер түрүп жаткан буласын.

Агайым деп кыргыз кызы бир келин,
Айтып берди акылына киргенин.
Ак буланын заводуна аралап,
Анык сырым миңден бирин билбедим.

Асмандаган жаңы шаардын бактары,
Курч калемим кучагынан мактады.
Бул жазылган көрүнүштүн бардыгы,
Пахта өстүрүп тегиз жүргөн чактагы.

Ош боюнча колхоз айылы Нариман,
Ала-Тоодон Москвага таанылган.
Социалисттик коом чарбасын орундап,
Коммунизм багытына камынган.

Ак-дөбөдөй алты жерде пахтасы,
Жаңы алынган жакшы асырап сакташы.
Областка убадасын бериштн,
Ашык түшүм бермек үчүн максаты.

Ат, араба, автобуска күч келбей,
Ак пахтага поезд күчү түткөндөй.
Күндө поезд күнү-түнү ташыса,
Орто эсепте он эки айда бүткөндөй.

Эгин, күрүч, меке-беде, пахтасы,
Анжыр, жүзүм, анар, алма башкасы,
Бардыгынын пландарын тууралап,
Бир жагынан бухгалтердин такташы.

Карап жатпайт кажарыбар караганы,
Байлыгы өсүп ишке баатыр балбаны.
Миллион деп таанылган Нариман, [1]
Жеңиш күндө самолёт сатып алганы.

Май терисин жүз процент бүт берген,
Эгин пахта баарын ашык бүткөргөн.
Арттагысын алга сүрөп Ош эли,
Арыш аттап аны сайын түптөнгөн.

Эли дыйкан эмгек үчүн ой берген,
Ашык түшүм ар жылда алган ой жерден.
Туңгуч жылы төртүнчү беш жылдыктын,
Ош областы ошондуктан той берген.

Туусун жайган тунук суунун боюна,
Тамаша өткөн тактын алдыңкы оюна
Өзбектен, Анжияндын областын
Чакырышкан ардактаган тоюна.

Той тарады ат кунаны чабылып
Ош областы өркүндөгөн жаңырып.
Эгин, пахта, мал чарбанын планы
Бардыгы ашык толгондугу таанылып.

---

[1] *„Нариман“*. Колхоздун аты

Күтүнүшкөн кырк жетинчи жыл үчүн,
Орнотушкан опол тоодон чоң күчүн.
Камынышып төртүнчү беш жылдыкка
Арыштаган алабыз деп мол түшүм.

Бардык дыйкан эмгек балбаны бололук,
Фашист өчсүн бүт дүйнөдөн жоголуп.
Сталиндик социалда арыштап
Коммунизм сайранына коонолук.

*1947*

## ЭСКИ ПИШПЕК—ЖАҢЫ ФРУНЗЕ

Бай-падыша—мителердин доорунда,
Эр большевик элден кабар жогунда.
Эски Пишпек эстелбеген сен элең.
Маанайың бас, манаптардын колунда.

Чалмаланган чалчык суулар жолунда,
Капталгансың караңгылык торунда.
Күн көрүнбөй күүгүм баскан замандан,
Кече кондуң кең Фрунзе орунга.

Радио—телефон жок тагылган,
Электр жок бир үйүндө жагылган.
Атың Пишпек эски кыштак сен элең,
Илгери хан заманында салынган.

Бойро жапкан боз топурак тамың бар,
Араба өтсө асмандаган чаңың бар.
Азыркыдай ардактаган үйүң жок,
Ат кепедей асыраган залимдер.

Баткак кетпей балчылдаган көчөңдөн,
Баш айланган баскан адам өтөрдөн.
Эсине алып эки кабат үй салып,
Эч адам жок анда сени көтөргөн.

Аймагыңды Ата журтум жердеген,
Анда теңдик эмгекчилер бербеген.
Каны-жанын муңдууларга аралаш,
Бир жашадың койнуңдагы эл менен

* * *

Эгин айдап эл жабдыган буурусун,
Чокчоңдогон чоюн тиши курусун.
Айдоосу ала, жыгач мала, тар арык,
Ошондогу элдин көрсөң турушун.

Көчөдө аккан көп кедейдин жаштары,
Көмөлөнгөн көр-коолордон баштары.
Бийлер ойлоп, болуш тойлоп мал алган,
Каман азуу канкорлордун маштары.

Мурунку өткөн эски Пишпек өрнөгүң,
Жалган эмес көзүм менен көргөмүн.
Өткөн доорду элестетип баратам,
Мекен шаарым мени жаман көрбөгүн.

* * *

Туюк жаткан турмуштарың жаңырды,
Тоголоттук боз топурак тамыңды.
Эркин таңдын барагына жаздырып,
Улуу Сталин көсөм ачты багыңды.

Элге бакты эркин таалай чакырдың,
Эскиликти эл ичинен сапырдың.
Миң-миңдеген кызматчыны Фрунзе,
Кеңдигиңен кенебедиң батырдың.

Телефондор үй башына тагылды,
Электрлер күндүз-түндө жагылды.
Уулдарың он күн чыкса сапарга,
Колун сермеп коюнуңду сагынды.

Аймагыңа завод-фабрик тургузду,
Урматтадың уулдарың кыргызды.
Күндүз-түндө күлүмсүрөп кашкайып,
Электрби? асмандагы жылдызбы?

Эскиче эмес бүгүн жаңы борборум
Элиң үчүн өмүрлүккө орнодуң.
Асфалттатып көчөлөрү жалтылдап
Зымылдаган автобус жүрөр жолдоруң.

Радио дүйнө сөзүн угузган,
Кабарлары калкка пайда жугузган.
Ачык күндөй кирип барса чаңкайып,
Үйлөрүңдүн бардыгы аппак ууздан.

Өткөн күндө келип кетип жүргөмүн,
Какшык угуп кабак жайып күлбөдүм.
Унутулбай дагы көзгө элестейт,
Пишпек сенин ошол көргөн күндөрүң.

Кайда калган боз топурак дубалың,
Эми көрсөм гүл жайнаган убагың.
Эски Пишпек бир сонун шаар болупсуң,
Кубаттанып кучагыңда турамын.

Эл шайыры чакыртылып алындык,
Эскиликтен бизде сенден жаңырдык.
Алдагыбыз Москвадан сыйланып,
Батыш-чыгыш бардык элге таанылдык.

Поезд күн-түн кызматыңда талыкпай,
Эр паровоз чарчадым деп чалыкпай.
Темир жолдо созолонуп баратса,
Көрүнүшү көлдө чаян балыктай.

Улуу шаарым кең Фрунзе борборум
Элим үчүн өмүрлүккө орнодуң.
Куттуктаймын кубаныч менен Фрунзе,
Октябрдын отуз жылга толгонун.

*1947*

## ДОБУШ БЕРЕБИЗ

Эмгекчилер депутатын шайлоодо,
Улуу Сталин сизге добуш беребиз,
Карангылык жалкоолуктун калдыгын,
Каармандык кайрат менен женебиз.

Өлкөндөгү эмгекчини сүйгөндөн,
Өнөр билим өсүп жаткан бактыдан.
Жаралгандан жер койнунда бекилген
Алтын күмүш асыл баалуу шахтыдан.

Күжүрмөндүк күчү менен тоо жарган
Касабалуу катар ташып оодарган.
Кардын жарып камыктырбай жайнатып
Антарылтып алып чыккан зоолордон.

Жоктон таап бар кылышкан инженер,
Атак данктуу ага добуш беребиз.
Арстан сүрдүү алы кайраттуу кенчи
Эмгек ээси сага добуш беребиз.

Душмандарын өрт катары капташып,
Тулпар минип туу жайылткан сакчыдан
Касташканга камалатпай элдерин,
Канатына калкаалашып бакчудан.

Баатырдык данк, бактысы бар кайраты
Эмгегине эркин элди жайнаткан.
Улуу аскер уулдардын жетеги,
Эл коргогон эрге добуш беребиз.

Планынан ашык алган тонналап,
Кант кызылча, пахта менен, эгинден,
Эр аялдын эмгек баатыр балбаны,
Ишке дайым бою балкып берилген.

Баатырдык даңк эмгек менен күрөшүп,
Алган эрге анык добуш беребиз.
Кужурмөндүк күчү толук балбанга,
Чын жүрөктөн жарык добуш беребиз.

*1950*

## КОМПАРТИЯ

Компартия жаш карыга таалай берген,
Ойлогон максаттары туура келген.
Дүбүртү дүйнө жүзүн тегиз басып,
Тоодон чоң тоскоолдордун баарын жеңген.

Түз талаа тоонун-таштын түрүн ачтың,
Ойготуп нечен жандын тилиң ачтың.
Бактысы, таалайы сен билим берген,
Жетпеген жер бетинде жыңалачтын.

Өмүрлүк он эки айдын кубаты сен,
Курчаган дүйнө жүзүн кулачың кең,
Дүйнөлүк эмгекчиге нуруң жетип,
Жаркының жарык тийген айдан, күндөн.

*1951*

## ТАШ КӨМҮРДӨ

Талыкпай ишке берилген
Таалайлуу элдин максаты.
Ала-Тоодон жаралып,
Ачылган кендин капкасы.

Алтын металл кен берген,
Кара-Үңкүр, Актуз, Кашкасуу.
Казып ал мени дегендей,
Камынып турган башка суу.

Ала-Тоо сенин аймагың,
Кочкор менен Жумгалда.
Коргошун металл көмүрлөр,
Даярланды мындан да.

Кызыл-Кыя, Көк-Жаңгак,
Кара алтындын кендери.
Кымбат баа металлдуу,
Кыргыздын асыл жерлери.

Кол кайраты таш жарган,
Күч кужурмөн эрлери.
Күн-түн талбай заводдорго,
Көмүр, темир бергени.
Күмүш кен казган күчтүүлөр,
Күндө арттырган иштүүлөр.
Көпчүлүктүн мүлкү үчүн,
Көмүр берген эчендер.

Кара зоону как жарып
Түбү менен оодарып.
Чарчадык го дебестен,
Иштейт булар тоо таарып

Силер берген көмүрдөн
Көмүргө бышкан темирден.
Баатыр жарак көп берип
Фашисттер кыйрап жеңилген.

Ар жыл сайын планды,
Ашыгы менен бүтүргөн.
Антын актап күн-түнү,
Ак ниет менен күтүнгөн.

Бурулуп ишке берилип,
Буудан аттай жүгүргөн.
Бардык кенде балбандар,
Буура булчуң күжүрмөн.

Душманым келди дебестен,
Туюктан туура жол чапкан.
Тутанган өрттөй күч менен,
Тулку бойдон тер чачкан.

Ата мекен согушка,
Көбү кетсе кенебей.
Арыштап ашык аткарган,
Азайбаган эмедей.

Аянышпай күн-түнү,
Алтын казган арстандар.
Кооп санап коркпогон,
Колдорун болот барскандай.

Аткаралык талыкпай,
Ар кимибиз милдетти,
Аргымак аттай арыштап,
Алга басар күн жетти.

Жаркыраттың Сталин,
Жаңы нурда көңүлдү.
Жапырт сизге тилейбиз,
Узак жашаар өмүрдү.

*1945*

## АНТ

Аскасы бийик Ала-Тоо,
Болот металл кенинен.
Ак ниеттүү ант бердик,
Айкын талаа жеринен.

Эгиздетип эчки-кой,
Төлдөтүүгө ант бердик.
Жай семиртип жайлоого,
Көбөйтүүгө ант бердик.

Күжүрмөндөр тандалып
Күндө өстүрүп, мал багып.
Күлкү менен шаңданып,
Күчөйбүз деп ант бердик.

Эгин, пахта, кызылча,
Мал чарбабыз кошулса.
Биздин байлык ушунча,
Бүлдүрбөскө ант бердик.

Кадам басып өсүштө,
Канкордун күчүн кесиште.
Каалаганга жетиште,
Баарыбыз сүйүп ант бердик.

Куйма болот сыяктуу,
Чыңалышып ант бердик.
Куугунтуктап жегичти,
Чыгарышып ант бердик.

Кыйык жалкоо кыйшаңды,
Элден куул ант бердик.

*1945*

## 8-ИНЧИ МАРТКА

Сегизинчи март күндөгү майрамда,
Бардык дыйкан бириктешкен жайларда...
Айыл, кыштак, шаарлардан туу жайнап,
Аял үчүн ардактаган сайранга...

Эр аялга өзүң берген теңдиктен.
Эмгекчинин багын ачтың эрдиктен.
Коммунизм кең турмушка жетелеп,
Улуу Сталин, барарыңды эл күткөн.

Муң кеткен жок мурунку өткөн энемден,
Көңүл ачпай эрден уккан жемелден.
Эзүүчүлөр тырмактарын батырып,
Тилиңди тарт, тик сүйлөбө дедирген.

Кайгы кетпей андагы кыз-келинден,
Кайран кыздар кары чалга берилген.
„Казан аскын отунду жак токолум",
Сени малга сатып алдым дедирген.

Эркин кыздар ээ болушту билимге,
Бак-таалайын марттын ачкан күнүндө.
Эркек менен тең жарышып эмгекте,
Баары таза маданият гүлүндө.

Эмки теңдик эркте туулган энеден.
Таралганбыз эне аталык денеден.
Уул, кыздарын билим менен гүлдөтүп
Улуу Сталин укуктарын теңеген.

*1950*

## ДОКТОРЛОРГО

Баштагы өткөн падышалык заманда,
Кан соруушкан калп кар өзкөй кабарда
Анда доктор жок катары эл үчүн
Эч пайдасы тийген эмес адамга.

Түпөйилден түрдүү адам ооруган,
Арылбаган андай оору шорунан,
Ар ким өлгөн эч дабасы табылбай.
Эл ичинде эмки доктор жогунан.

Ал заманда атсыз оору эң жаман,
Оорусунан айыга албай эч адам.
Турмушу тар туулгандан табыпта
Ал кезде жок мындай жыргал кең заман.

Мурунку эл караңгылык торунда,
Бүбү бакшы, тамырчылар оорунда
Шору арылбай ооруп өткөн өмүрү,
Эмки доктор ошол күндө жогунда.

Пролетарлар баш көтөрүп чыкканда,
Падышаны таамай чаап жыкканда.
Баатыр Ленин—Сталиндин дүбүртүн
Тең бир күнү бардык дүйнө укканда.

Ленин ата эрктин жолун ачканда,
Улуу Сталин эмгек нурун чачканда.
Маданият билимине көчүрүп,
Окутушкан эмгек балбан жаштардан...

Ошо жаштар ден соолуктун жолунда,
Түрдүү дары даяр турат колунда.
Ичин жарып илдетинен куткарып,
Эмки доктор эл бакканы сонун да.

Түрдүү оорунун туюк атын табышкан,
Оорукчанды баласындай багышкан.
Дары менен мүнөт болжоп уктатып,
Дарттын турган уйку жерин жарышкан.

Ардакташып ак шейшептен жабышкан,
Анын кандай дарт экенин табышкан.
Ажал, өлүм аламын деп талашса,
Ага бербей айыктырып алышкан.

Онтогондун онтоолору басылган,
Баш оорулар барар замат жазылган.
Келте кесип, кетпес ооруу дегендин.
Түп-тамыры түбөлүккө касылган.

Жарасы бар адам барса жаңылап,
Ал жаранын атын табат дарылап
Профессор, врачтары чогулуп,
Айыктырган укол менен дарылап.

Адамзаттын жан борбору эт жүрөк,
Жай алары өпкө, колко, көкүрөк.
Өпкөсүнөн туберкулез болгондор,
Айыгарга айла таппай көп жүрөт.

Андай ооруу курортторго алынат,
Алды бир жыл, арты бир ай багылат.
Докторлордун илим-билим күчүнөн,
Ал адамдар азап-шордон арылат.

Колу оору, буту кызыл жүгүрүк,
Аксай басып, алар барат бүгүлүп.
Аз күн жатып, ардакталып багылып,
Айыгышат ал оорудан күбүлүп.

Жаман жара жана бирөө кулгуна,
Жаткан жайы жаркыраган больница.

Ак шейшептүү кроватта айыгып,
Чоң ыракмат айтып аткан докторго.

Көз ооруган, тиш ооруган жадаган,
Көрбөй калдым өлөмбү деп санаган.
Күлүп жайнап кайтып жаткан көп адам.

Кычыткылуу кыйшаңдаган котурдан,
Булар барып кашынышып отурган.
Айыгып чыгат алты күндө, беш күндө,
Азыр биздин ак ниеттүү доктордон.

Күнү-түнү ооруларды күзөткөн,
Келип турат кечигишпей минуттан.
Жай табалбай жан талашкан ооруну,
Тынч алдырып, боюн жазып түзөткөн.

Суу ордуна кан оргуштап акканда,
Көп жыл бою кырылышып жатканда.
Жаны тынчып, уйку албай бул доктор,
Жаралууга жапырт турган бакканга.

Чаң созулуп, түтүн оргуп асманга,
Баатыр элден фашист кыйрап качканда.
Асман жерден агын суудан деңизден,
Душмандарга өлүм огун чачканда.

Буту үзүлүп, колу сынган эрлерди,
Оор жаралуу онтоп аткан шерлерди.
Ошолорго ок жаңылып сүйлөбөй
Тилден калып тирүү жаткан мергенди.

Бомба жарып, аңтарылган жерлерде,
Суу ордуна кан жайнаган селдерде.
Көзүн ачпай, көкүрөктө жан менен,
Көтөрүшүп госпиталга келгенде.

Кайраты тең электрде ток менен,
Кошо кирип жабыла аткан ок менен.
Бардык доктор баатырлыгын көрсөтүп,
„Өлсөм өлөм, өз боорлошум көп менен."

— Деген эрлер октон коркпой аралап,
Ошо күндө жаралууну сагалап,
Жалдырашып жаны менен жатканын,
Жалын өрттүн арасынан таап алат.

Буту жокко бут киргизип улашты,
Мунжулардын маңдайынан сылашты.
Катуу майдан кан төгүшкөн күрөштө,
Бул докторлор эли үчүн чыдашты.

*1947*

## ТЫНЧТЫК БИЗДИН ЭЛДЕ

Куралып куттук айтып жер-жерлерден,
Тынчтыкка дүйнө жүзү теңделген.
Жерде гүл, элде бакты нурунан,
Сталин өзү сүйүп дем берген.

Таалайдын өмүрлүккө кенчи болду,
Талыкпас көсөм чапкан кең жолду
СССР өлкөсүнө кошулуп,
Тынчтыкты күтүп аткан эл конду.

Жарык нур жаркыраган албырган,
Тынчтыктын эрки суусун кандырган.
Биздин күч, биздин жыргал турмушта,
Өмүрдүн өлбөс тогун жандырган.

Элдердин эмгегине сын берип,
Тынчтыктын эркин элде чын берди.
Турмуштун гүлдөшүнө чындык деп,
Күнөмсүз күтүп аткан эл келди.

Тынчтыкты кастык кылып сүйбөгөн,
Жоюлат андай жырткыч дүйнөдөн.
Эмгектин эркин туусун жайылтып,
Бирдиктүү биздин элде дүйнө кең.

*1950*

Фрунзе деп билген соң,
Кирдим музей ичине.
Барысынан бир кызык,
Бала кези кичине.
Таанылган соң ал музей,
Таасир берди кишиге.

Көзгө сонун көрүндү,
Чымчык кармап турганың.
Төрөлгөн үйдүн төрүндө,
Төрт беш жашар кырдалың.
Эне сүтүң кете элек,
Эң бир сонун жыргалың.

Мектепке бара жатканда,
Китептериң колунда.
Балалык кылып ойнобой,
Баалуу билим жолунда.
Ойлоп-ойлоп жашыңдан,
Окуганың сонунда.

Он үч—он төрт жашыңдан,
Мектептеги кезинде.
Китебин окуп Маркстин,
Эзилген элдер эсинде.
Эркиндикке элди үндөп,
Ээ болдуң билим сезимге

Ойдогуңду аткарып,
Окуп чыктың Лениниден.
Сталин менен бирге өсүп,
Орундалган демилгең.
Партияга жүрөгүң,
Бала күндөн берилген.

Ат ойнотуп астында,
Аскерди миңден баштадың.
Аралашсаң майданда,
Акылыңдан шашпадың.
Алды артыңдан жоо кууса.
Ажалдан коркуп качпадың.

Ворошилов, Буденный,
Кылычты бирге чабышкан.

Ишеничтүү ант берип,
Элин эркин багышкан.
Бардык элдер сени чын,
Баатыр дешип таанышкан.

Тосколдорду кулатып,
Толкун күчүн үрөшкөн.
Эл душманын талкалап,
Эмгекчи элин сүрөшкөн.
Эл бошонуп бириккен,
Октябрда күрөштөн.

Эл достугун колуңа,
Сындырбас үчүн кармадың.
Согуштарда сокку уруп,
Душманды жыкпай тынбадың.
Өмүрүңдү, күчүңдү,
Эмгекчи элге арнадың.

— Фрунзе деп жазылган,
Кыргызстан борбору.
Ай-ааламга даңкы бар
Атагы чыккан шаар болду.
Өзүңдүн туулган көчөңдө
Кызыл туу бийик орноду.

Өлүмдүн өртү өксүтүп,
Өчүрдү терең оюңду.
Эски Пишпек жаңырып
Өз атыңа коюлду.
Көчөлөр асфальт, электр,
Көргөндүн көөнү тоюнду.

Ала-Тоодо төрөлүп,
Киндик каның төгүлгөн.
Кыргыз эли көзүңө,
Жүрөгүңдөй көрүнгөн.
Эскерип элин Фрунзе
Чыгарбайбыз көңүлдөн.

*1951*

## ЖАШЫЛ ГҮЛ

Сен жашыл гүл жаңы ачкан,
Жамалың нурга жарашкан.
Жайдарынын белгиси,
Жакшыга жатык карашкан.
Жаркының жанды сергиткен
Сен жайнаган жашыл гүл
Жалындагаи жүрөктү,
Жалоорутсаң өзүң бил.

Сен кызыл гүл жаңы ачкан,
Кызылың нурга жанашкан.
Кыйышпастын белгиси,
Кыңырылбай карашкан.
Кызыгың жанды кубанткан
Сен кыраңда кызыл гүл,
Кызыктуу күндү өткөрүп,
Кылчаңдасаң өзүң бил.

Сен ак алма гүлдөгөн,
Арасы салкын бүрдөгөн.
Булбулуң болсом жашыл гүл,
Бутагында күндө мен
Буруксуган гүлүңдө
Булбулуң болуп үндөйүн,
Бурулуп оюң берилсе
Муңдашым дебей ким дейин.

Сен көк алма гүлдөгөн
Көлөкөң салкын бүрдөгөн.

Кукүгүң болсом жашыл гүл
Гүлүңдө таңшып күндө мен
Күлүндөгөн кукүгүңдө
Кукүгүң болуп үндөйүн,
Күйгөнүмдү эскерсең
Көңүлдөш дебей ким дейин.

Айылың шаардын четинде
Албырып нуруң бетиңде.
Алманын гүлүн аралап,
Асемге бассаң кечинде.
Ар дайым турсаң эсимде
Алдыңдан тосуп чыгайын
Айтканым келсе ордуна,
Маңдайыңдан сылайын!

*1947*

## КОМСОМОЛГО

Кыраан бүркүт мүчөлүү
Кыргыздын баатыр жаштары.
Эмгексиз басып жүрүүчү,
Эскилик жок баштагы.

Ачылса жоосун кыйраткан,
Куйма—болот билектүү.
Кан төгүшкөн майданда,
Кабылан жолборс жүрөктүү.

Оюо терең акылман,
Окутуучуң жарашкан.
Өз колунда жаштарым
Учсаң, консоң жер-асман.

Күн батыштан талкалап,
Күрөштө жоосун жыгышкан.
Жаш жолборстор багынтып,
Японду алдың чыгыштан.

Бирдигинди, даңкыңды,
Бүтүн дүйнө угушкан.
Согушта да, тылда да,
Тартынбаган жумуштан.

Кайра тартып качпастан,
Кандуу жарак, кылычтан.
Канкор фашист куулуп,
Калкымдын көөнү тынышкан.

Кыз боз бала—комсомол,
Кызыктырат жеңиш жыл,
Кыраан жаштар жаркылдап,
Кылчаңдабай эмгек кыл.

Социалдык жарыш бар,
Кадам шилтеп арыштар.
Улуу жолдон тайбаска,
Азамат эрде намыс бар.

Жаштар мыкты иштесе,
Кайрат кылып карыга.
Кажыбаган күч кирет,
Колхозчунун баарына.

*1948*

## МУСАГА ЭСТЕЛИК

Жан кутулуп кеткен жок,
Жаралганда өлүмдөн.
Эчен асыл туулуп,
Нуру жерге төгүлгөн.

Калганы ыйлап артында,
Кара жашка чөмүлгөн.
Калкымдан учкан булбулум,
Калтырбайт элиң көңүлдөн.

Зордукчу өлүм солутту,
Жайнаган жашыл гүлүңдү.
Өткөрүп жарык дүйнөдөн,
Өзөктөш элиң түңүлдү.

Таңдагы булбул үндөнүп,
Тамашаң таңды атырган.
Комузуң менен кыягың,
Кошулса көңүл ачылган.

Кыргыздын үнү шаңдуу деп,
Улуу өкмөт чакырган
Жаркыратып жакаңа
Кызыл туу орден тактырган

Сөзүңдү да күүң менен,
Өзүңдү тирүү таппайбыз.
Эстеген сайын унутпай,
Эмгегиңди актайбыз.

Тамашаң менен күлкүңдү,
Эл ичинде мактайбыз.
Унутулбай ар дайым
Урматтап ойго сактайбыз.

Эмгегиңди өмүрү,
Элиң үчүн арнадың.
Кыргыз эли сен үчүн,
Аяган жок жардамын.

Сакалыңды ак чалып,
Алтымышка барбадың.
Жаңы доор, жарык турмушта
Жаш кеткениң арманың.

Даңкың элге чыкканда,
Жүрөгүм сүйүп кубандым.
Обонуң турат өзүң жок
Ордуңду сыйпап турамын.

Жаш өлүп жүрөк өрттөгөн,
Тууганың калды сен жоксуң,
Өлүмдүн басып салмагы,
Бөбөгүм Муса кулаңдың.

Жан койбогон өлүккө,
Жаш кеттиң Муса капталып.
Аман калган адам жок,
Ажалдан жанын сактанып.

Кош эми Муса бир боорум,
Карылык жашка толбодуң.
Коммунизм кең дүйнө,
Кургуча тирүү болбодуң.

*1948*

## ТАТЫНА

Машина минип зыпылдап,
Баратсам мейкин талаада.
Үрөн жүктөп жөнөткөн
Катар-катар араба.
Сүйлөшө калдым токтолуп,
Арабакеч балага.
„Кеңеш“ колхоз дегенде,
Татына түштүң санаага.

Дабасы сенден табылмак,
Сүйүүнүн-сүйүү дартына.
Жооп алмакка кайрылдым,
Мурунку берген катыма.
Мына калык, ырдады
Ыраазы болуп даңкыңа
Күрүлдөтүп жер айдап,
Күлгөнүң сонун татына.

Сен трактор айдадың,
Ээрчий басып жандадым.
Кубандырып жүрөктү,
Жылуу сөздөр камдадың.

Жаздын көркү ачылган,
Бардык колхоз элимде.
Эртеси келип жолуктум,
Каналдын жайык жээгинде.
Ыракмат сизге Татына,
Ыр арнайм сиздей келинге.

Өзүң айдап чыгардың.
Каймактатып жер майын.
Июль, август айында,
Ыкшалып бышкан буудайың.
Аңызыңдан айматып,
Айдаганы комбайн.
Карындашым Татына
Сизди кошуп ырдадым.

*1951*

## САЛАМДАШУУ

Амансыңбы агайын,
Амандашып алайын.
Улуу-кичүү баарыңа,
Жашың, менен карыңа
Саламдашып алайын.
Өзүңөрдөй колхоздун,
Көрүп келдик далайын.
Күзгүдөй таза көрүнөт,
Клуб, мектеп сарайың.
Эмгектин эркин доорунда,
Ачылган колхоз таалайың.

Баш тартпаган жумуштан,
Дайым эрте эмгекке,
Таң алдынан турушкан.
Каналын кенен чабышкан,
Найза бою алыштан.
Даңкың элге чыгарып,
Дайраны буруп агызган.

Эгин, пахта жашылча,
Балкытып барын сугарган.
Эр аялдын балбаны,
Эринбей ишке чыдаарман.
Эпкин жазда жарышкан,
Эркин кыз эмгек уландан.
Баатыр колун иштетип,
Балбылдап көзу кубанган.
Эмгеги, колхоз эр-аял,
Элим эсен болдуңбу?

Партиянын жолунан,
Бура тартып баспаган.
Ушул жыргал турмушта,
Жаңылбаган жазбаган.
Элин баштап түз жолго
Болор ишти тааныткан
Жетекчи парторг эсенби?

Өзүңдүн боорлош айлыңдан,
Депутат болуп шайланган.
Кызматын толук аткарып,
Кымылдап көөнү жайланган.
Байланышып эл менен,
Башынан ишке такшалган.

*1952*

## ТРАКТОРИСТ

Тракторист рулду бек кармагын,
Ээрителик асыл жердин каймагын.
Колхозчунун эгин пахта талаасын,
Гүлдөтөлүк күч кубаттан тайбагын.

Жарыш күндө, жазда, күздө, тынбаган,
Жалколонуп ишке тоскоол кылбагын,
Арстан күчтүү адетиңди карматып,
Ала салдыр адыр түздүн чымдарын.

Тракторчу тындырбасын айдасын,
Талааларга таза гүлдөр жайнасын,
Эгин пахта, кант, кызылча, апийим,
Жер бетине жайсын түрлүү саймасын.

Суусунуңа май беремин чаңкасаң,
Канатыңа кондуруп ал чарчасам,
Консом сенин канатыңа трактор,
Кошо жүрүп кумарыңды таркатам.

Тракторум мурда сенин жогуңда,
Буурусун—деген, болчу элдин колунда,
Айда терең, эмгек менен айныбай,
Азыр жыргал эркин эмгек доорунда.

Айласы жок оокат экен буурусун,
Ал күндөгү дыйканчылык курусун,
Таштар талкан чым союлган күнүнөн,
Бул трактор—тулку болот турушуң.

Жемишиңе жердин көркү ачылган,
Кайрат күнүн ташкындатып чакырган.
Сен жиреген талааларлын бетине,
Таза чигит түрлүү үрөн чачылган.

Тишиң тийген ташты кумдай майдала,
Топурагы тоскок болсун ай талаа,
Кызыл кырман убагында колхоздо,
Мен ырдаймын, чын көңүлүм жайлана.

*1948*

## ЖЕҢИШ МАШИНАСЫНА

Таштуу жолдо ташыркабас туягың,
Талбай учкан шумкарлардай сыягың.
Алыс жолго жүрүшүң,
Айда жорго жеңишим.

Желдей жеңил алыс жолго сендей жок
Жетсе жетер, жалгыз гана аткан ок.
Жаңы жорго жеңишим
Таза жолдо жеңишим.

Сен жасалдың душмандарды жеңгенде,
Сен жараштың кубанычтуу элдерге.
Талба жорго жеңишим,
Алга жорго жеңишим.

Элим минсе кубантасың көңүлүн,
Жашартасың карылардын өмүрүн.
Эрктин жеңиш жоргосу,
Көрктүн жеңиш жоргосу.

Эркин элдин эмгегинен табылдың,
Таш күзгүдөй таза жолду сагындың.
Таза жолдо тайгылба,
Сен колхоздун айлында.

*1950*

## САМОЛЁТУМ

Канаттуудан теңелбейт,
Самолёт сендей балбанга.
Алты айланып баатыр куш,
Асманга чыгып барганда.
Абалап толкуп сүрүлүп,
Баатыр кушум самолёт,
Боору күмүш сырты алтын.
Беш жылдык план дайындуу,
Жаркыраган канатың.
Тап этиңе келтирет,
Талпын мүнүшкерлериң.
Жүрөгүндү бураган,
Жоодон тайбас элдериң.
Алтындай көзүң балбылдап.
Жер чаласың имерип.
Алдыңдан душман көрүнсө,
Айбыкбай текөөр жиберип.
Айбатыңа самолёт,
Аба толкуп тирелип.
Абалап учуп сермесең,
Жооң жоголгон жердеги.
Сен баатыр куш самолёт,
Жыргалдуу совет элдеги.
Асманда кетип баратсаң
Ааламдын көркү шаңданып,
Кубаттанып алдыңдан,
Кубанабыз таңданып.
Күч-кубатың берилген,

Эл эркине арналып.
Душманыңдын өңү өчкөн,
Табышыңдан саргарып.
Тоорулуп учсаң баатыр куш,
Тоо жаңырган үнүңө.
Токтолуп душман туралбайт,
Толкундаган сүрүңө.
Фашисттер такоот кылбады,
Баатыр куш сенин түрүңө.
Дүңгүрөтүп дүбүртүң,
Дүйнө жүзүн оодарган.
Түз шилтеген күчтөрүң
Туюк жаткан тоо жарган.
Ылдамдыгың баатыр куш,
Чагылгандын огундай.
Аңдышкан жоого жааган ок,
Асмандан түшкөн добулдай.
Имербейсиң баатыр куш,
Канатыңдын чалгынын.
Самолёт сага теңебейм,
Айтылган куштун бардыгын.
Караңгыда асмандын,
Чолпонундай жаркының.
Учкуч күчү самолёт,
Улуу Совет калкымын.
Көкөлөп учуп күүлөнүп,
Күнүгө күчүң артылат.
Тийиштик кылса душмандар,
Тилеги катып жанчылат,
Ачык күндүн нурундай,
Асманда жүрсөң жаркырап.
Койнуңду ачсаң баатыр куш,
Ичиңе жайма толобуз.
Батпай калсак койнуңа,
Канатыңа конобуз.
Көрүп көңүл толкуса,
Асманда жүрүп чөлдөрдү,
Жашыл дуушар жайкалган
Атыр жыттуу төрлөрдү,
Биз дагы барып көрөлү,—
Сен чалгындап көргөндү.
Ала салып алдастап

Мөңгүдөн түшкөн сууларды,
Тоо-тоонун башын кыдырып
Топтошуп учкан уларды,
Адыры гүлдөп чалкайган
Атыр жыттуу тоолорду,
Асман тиреп заңкайган
Ак мөңгүлүү зоолорду,
Баатыр кушум самолёт,
Өзүң менен көрөлү.
Эмки жашты энелер,
Өзүңдөй баатыр төрөдү.
Элиң үчүн баатыр куш,
Өмүрүңдү арнадың.
Койнуна алып алыс уч,
Эмгекчинин балдарын.
Ашып барып көрөлү,
Ала-Тоонун бар жагын.
Аралап көңүл кубансын,
Колхоздун асыл малдарын.
Берекелүү Соң-көлдө
Бетеге тулаң оттогон.
Фермелүү жылкы жайкалып
Белесте жуушап топтогон.
Жайыла түшүп бышкырып,
Жайлуу жерге токтогон.
Жалтылдашып ылаалап,
Жал куйругу таралган.
Асыл тукум жылкылар,
Айрып алгыс маралдан.
Арыктатып агытса,
Алты күндө жал алган.
Соң көлдөгү жылкыга,
Сомолёт минип барабыз.
Колхоздун малын көргөндө,
Бир кумардан канабыз.

*1949*

## УЧКУЧКА

Баатыр шумкар минип учуп сабалап,
Айлык алыс, сапар жолдо баратсаң.
Ай нурданып, алды чолпон жылдыздай,
Боору жайык болот чалгын канатчан.

Канатыңа коноюн о,
Каруу күчкө толоюн о.
Мен да—сендей учуу үчүн
Канатыңан коноюн о.

Эркек, аял эркин шайыр элдерди,
Эрксизден таңыркатып каратсаң.
Ажал айдап ажыдаардай жоо келсе,
Аны жоюп канат керип баратсаң.

Учурашып калайын о,
Учканыңды карайын о.
Учканыңда асман менен зыпылдап,
Ала кетсең мен да кошо барайын.

Өз күчүнөн ажыратып душмандын,
Өлкесүнө өлүм огун кадасаң.
Асмандагы алп катары баатырга,
Жаратылыш өмүр кошуп жаратсаң.

Жаш өчпөсө көңүлүм о,
Жаш өтпөсө өмүрүм о.
Алтымыштан жетимишке жеткен жыл,
Өзүң менен бирге болгон өмүрүм.

Баатыр учкуч ажырашпас жар болуп,
Кийсем жибек алтын жака манаттан.
Жакшы тилек жаңы өмүрдү гүлдөтүп,
Жаш жүрөккө жарык нурлуу таң аткан.

Айтканымды сындагын о,
Арманымды ылгагын о,
Жалындаган жүрөк отун өчүрбөйм
Сени мактап эл акыны ырдадым.

*1949*

## ПАНФИЛОВ БААТЫРГА

Душманыңды тоодой баскан салмагың,
Тарых болду талбай кыргын салганың,
Ата мекен—өлкөң үчүн күрөшүп,
Өмүрүңдүн өчпөс гүлүн арнадың.

Улуу көсөм уулдарын чакырган,
Эли үчүн эрк сактаган акылман;
Тулпар минип, туу-туу жайылтып урушта,
Эр Панфилов—талыкпаган баатырдан.

Кайратыңдан канкоо фашист сандалган,
Жоого кирсең сен бир баатыр шаңданган!
Өсүп жатат өлкөңүздө миң сандап,
Өмүрү чың өрт кайраттуу балбандан!

Алгыр бүркүт шаңшыгандай үнүңдөн,
Уккан душман уу ичкендей бүлүнгөн,
Кайратыңа бет ала-албай канкорлор,
Ал фашисттер кара жандан түңүлгөн.

Баатыр даңкың барлык элге угулду
Жеңдирбейбиз сенин жеңиш туунду,
Өлкөбүзгө өчтүк кылган канкорлор,
Өлүм айдап өз канына жуунду.

Элдин эркин сактап өттү өмүрүң
Бекерликке берилбеген көңүлүң,
Улуу элдин учуп кеткен шумкары,
Эл үчүн эрдигиң зор барсың өзүң.

*1943*

## МЕН БАЛА ШУМКАР

Мен курсактан бир балапан жаралдым,
Көлөкөдөн көрүнө элек карааным;
Чын төрөлүп жарык дүйнө көргөндө,
Селкилдетип канатымды тарадым.

Тегизделди канатамдын чалгыны,
Мен боломун учкучтардын алгыры.
Менден мурда чабыттаган шумкарлар,
Канча учса да канаттары талдыбы!

Канатымды күүгө салып күүлөдүм,
Каруум келсе учайын деп жүрөмүн;
Кайрат толуп, учар кезим жете элек,
Октору луп оолуктурат жүрөгүм.

Жондо мылтык, колдо кылыч, белде ок,
Бизди тоскон жолубуздан нечен шок,
Тоскоолдорду токсон бөлүп кулаткан,
Биздин кайрат электрдей жанган ток.

Он сегизде, жанар тоодой болдум мен;
Кайтпас кайрат каруу күчкө толдум мен;
Кетпес кылып кереметтүү бак берген,
Улуу көсөм Сталинсиң атам сен.

*1944*

## УЛУУ МОСКВА

Кан таратып нур тараткан жүрөккө,
Каалаганын камсыз кылган тилекке.
Эрксиз элдин эне-атасы Москва,
Кайтпас кайрат каруу бердиң билекке.

Жарык бердиң күн тийбеген жерлерге,
Жардам бердиң жалтанбаган эрлерге,
Жан жибердиң өз нуруңдан жайнатып,
Жаралгандан жабык жаткан кендерге.

Бак тилеген большевикке мурунтан,
Бардык элиң пайдаланган нуруңдан.
Аламын деп арсыз Гитлер чамынып,
Арстан жүрөк алгыр элге урунган.

*1947*

## 8-ИНЧИ МАРТ

Аккар, көкмуз кармап жаткан кыш кетти,
Аялдардын сүйгөн айы март жетти.
Бул айда толуп турган белек бар,
Март айы нурун чачып жарк этти.

Аялдардын эрге укугу теңелген,
Компартия теңдик алып бергенден.
Зууракандай баатыр аял көп чыкты,
Кайраттары калышпаган элдерден.

Элдериңдин багын ачтың эзелден,
Эмгекчиге жыргал турмуш бак берген,
Коммунизм кең дүйнөңдү куттуктайм.
Жылда болчу сегизинчи март менен.

*1951*

## ТОГУЗУНЧУ МАЙ КҮНҮ

Тогузунчу май күндүн,
Нуру каптан жер жүзүн,
Кайгысын жойгон ичинен,
Кабарын уккан эл бүтүн.

Баатыр уулдар фашистти,
Басып кирип эрк үчүн;
Как жарылган ачылган,
Кара туман көк түтүн.

Октябрда жаралып,
Өрт ичинде туулган;
Өлкөсү үчүн өмүрүн,
Арынаган уулдан.

Жолуна каршы ок атып,
Жолбун суудай агышкан.
Кыраандар мээлеп атканда,
Кырылып канга жуулган.

Душмандын өртүн өчүргөн,
Тогузунчу май келди.
Тоо жаңыртып шаң менен,
Толкундаган ай келди.

Булбулдар таңшып бак бүрдөп,
Жибектей сулуу жаз гүлдөп,
Жасалгасын салынып,
Жаркыраган жай келди.

*1946*

## КЫРГЫЗСТАНГА

Ала-Тоолор боюн салып керилген,
Аймагында айкын талаа жериң кең;
Сен бүткөндөн туулуп өскөн кыргызга;
Койнунду ачып тулку боюң берилген.
Пайдаланган кыргыз эл,
Бардык металл кенинден,
Бала барчын бүркүттөй,
Баатырларың теминген!

Кыргызстан бакты сыймык конгондон,
Эмгекчилер эркин союз болгондон,
Жаңы жеңиш жарыш күнү өскөн күн,
Жыргал турмуш жыйырма жылга толгондон.
Эчен завод, фабрик,
Эр балбандар көтөргөн.
Эр, аялы талыкпас,
Эмгек, баатыр—кужурмөн.

Кыргызстан асыл тукум малга бай,
Түштүк жагың түрдүү сонун пахта жай.
Улуу көсөм өзүң сүйүп бергенсиң,
Элиң үчүн эрик доор бак-таалай!
Сизге берген жүрөктөн,
Антыбызды актайбыз!
Улуу туунду Сталин,
Өмүрлүккө сактайбыз!..

*1946*

## ЭРКТҮҮ БОЛГАР ЭЛДЕРИ

Бүтүн дүйнө дыйкандын
Улуу Сталин жетеги.
Фашист башка өлкөлөр
Эл тагдырын чечеби,
Катуу майдан, кан төгүш
Болуп өттү кечээги.

Капыстан баскан душманга
Кайрат күчтөр кайнаган
Эрдин күчүн эл сынап
Майданда, тылда чың турган
Баскынчыны басынтып
Жеринен сүрүп айдаган.

Өлкөөм жиксиз ширеген
Сталиндин деминен,
Туткалуу борбор дүйнөгө
Түп тамыры бегинен
Кулатып кууган душманын
Коңшулаш элдин чегинен.

Башында Болгар—элдери
Думуккан түрктүн доорунда
Чыдап келген өмүрү
Чынжырлуу темир торунда
Кармаган жерден кан чыккан
Каардуу тырмак колунда.

Ошол жоодон досторду—
Орус эли куткарган.

Улуу орус болбосо
Кутулмак эмес муң зардан.

Кутулса да дыйканды
Помещик, падыша бийлеген.
Толуп жаткан дыйкандын
Бирөөнө тендик тийбеген.
Тың сүйлөөсө бир кедей
Камчы менен ийлеген.

Кырк биринчи жылында,
Кыйынсынып жол салып,
Туш-тараптан фашисттер
Туюндурбай кол салып,
Жеңип алчуу эмедей
Батыштан кирип уурданып,
Фашисттер чеңгел салганда.
Өлөөрүн билбей өктөмсүп
Майданга чаң салганда
Көпкөнүнөн катылган
Баатыр орус балбанга.

Боордош бизге тилектеш
Болгария калкында,
Бирдик-тынчтык ураан бар
Алтын жазуу туунда
Эр, аялы балкыган
Эмгектин эркин нурунда.

Улуу орус эрк берип,
Эл болушту жерине.
Боордоштуруп кедейин
Тынчтык берди элине,
Түбөлүккө буза албас
Чеп орнотту чегине.

Бай, падыша, помещик
Баары катар куланып,
Маданият нурунда
Малынышкан кубанып
Өсүп бара жатышат
Өрттөй өрчүп уланып.

Эр, аялы болгардын
Колго алышкан эмгегин,
Фабрик-завод тургузуп,
Жаңырткан эски жерлерин.
Чын жүрөгү сүйүшөт
Советтик боордош элдерин,

Чачыранды болгор эл
Чогулуп бирдик коомуна,
Улуу орус эл менен
Укугун алып колуна,
Уул, кыздары киришкен
Ильичтин чапкан жолуна.

Өмүрүнчө кулдукта,
Кармалып келген карысы;
Улуу Орус элинин
Жолуна көчкөн барысы.
Сталиндик эрк менен
Орундалган намысы.

Жалгыз, болгар эл эмес
Тынчтык өмүр тилеген,
Жер жүзүндө дыйкандар
Бир бирин алга сүрөгөн
Партиябыз жаша деп
Чын беришкен жүрөгүн.

Бүтүн, дүйнө эмгекчи
Маркс Ленин жолунда
Устав тарых, программа
Партиянын колунда,
Эл гүлдөсүн эркиндеп
Коммунизм доорунда.

*1946*

## ТЕРМЕ ЫР

Жакшы болсоң жатык бол,
Шайыр сөздү ким укпайт.
Баатыр билек балбан кол,
Арбын иштеп аз уктайт.
Ала барман адамга,
Акыл айтсаң асты укпайт.
Бактысы бар адамдын,
Балдарынан чыр чыкпайт.
Оройлорго сөз айтсаң,
Онурандап тырчыктайт.
Ойго-тоого урунуп,
Ошондон он ооз сыр чыкпайт.
Жакынына жат болуп
Андай жамандын иши кырсыктайт.

Андай жаман санабай,
Ачык болот эр киши,
Адамдын көөнүн калтырбайт,
Азамат эрдин белгиси.
Керек деген буюмун,
Адамдын келет бергиси.
Андай эрдин алдына,
Ар кимдин келет келгиси.

Акылы бар азамат,
Аздырбай алып сакташат.
Ак ниеттигин билген соң,
Адамдын баары макташат.
Билими бар жигиттер,

Мудурулбөй так басат.
Андан үлгү алгандар,
Ар дайым ишин такташат.
Жалакай болсоң жашыңдан,
Өмүрүңдү дат басат.
Жаман болсо жүрүшүң,
Жар жаматың аксатат.
Жакыныңа кас болсоң,
Сай сөөгүңдү какшатат.
Өз айлыңдан куулсаң,
Анда кайда барып баш батат.

Бой көтөрбө эр жигит,
Кичүү менен улууга.
Жаны дили сүйбөсө!
Жакындаба сулууга.
Жок жалаага түш кылат,
Жолдош болбо ууруга.
Ишимди иштеп берет деп,
Ишенбе нээти бузукка.

Эр жигиттер калбасын,
Ушак сөз бөөдө жалага
Элиңе сиңген эмгегиң,
Кетпесин бекер талаага.
Эсиң болсо эр жигит
Элсиздикти каалаба,
Чын ишиңди калп кылып,
Калбагын кайгы санаага.

Какшык сүйлөп тийишпе,
Айыбы жок кишиге
Адет болуп кетпесин,
Азаматтар барыңа.
Кер какшык болсоң какмалап,
Келеби адам жаныңа.
Ачуусу чукул аңкылдак,
Кез келбесин багыңа.
Изден тайбас чынчыл бол,
Ишиң көчөт агына.
Көз артпагын суктанып,
Бирөөнүн жакшы малына.
Калп кара өзкөй сүйлөсөң,
Карашпайт эч ким алыңа.

Одоно сүйлөп күрсүлдөп
Орой болбо жашында
Угулса көпкөн мүнөзүң,
Уяты калат башында.
Ак жеринен бирөөгө,
Акым бар деп асылба.
Эмгектен качып эр жигит,
Урулукка малынба.
Ар кимге зыян тийгизип
Аягыңдан чалынба.
Ал айыбың чын болсо
Ага-иниң калбайт жаныңда,
Өз кылмышың болгон соң,
Өкүнүп элге тарынба.
Буларды ойлоп эр жигит,
Туура жолдон жаңылба.

Душманга кирсең эр жигит,
Туйгун куштан алгыр бол,
Таза болсо жүрөгүң,
Туш тарабың даңгыр жол.
Эринбесең ар дайым,
Эр жигиттер күчүң мол.
Эр аялдан күжүрмөн,
Эмгегинден баатыр бол.

Жакшы адам бойду кызытат,
Кымыздан тарткан арактай,
Көпкө тиет пайдасы,
Көлөкөлүү дарактай.
Элин жакшы асырайт,
Эки жакка таратпай.
Сөздөрүнүн курчтугу,
Болот миздүү жарактай,
Элинин баары кызматка,
Эртелеп турат таң атпай.

Баатыры минип жоо кууса,
Аттары күлүк тулпардай.
Душманын туура качырса,
Кууп жеткен куткарбай.
Айбаты бар эр жигит,
Азалап шумкар учкандай,

Чабаттап жоосун качырса,
Текөөрү болот шумкардай.
Кордук тартат корголоп,
Куулган душман тынч албай.

Азамат болсоң эр жигит,
Апырылбай чын сүйлө.
Эл кыбасын кандырып,
Эбин таап тың сүйлө.
Шайыр өмүр барында
Эмгегиңе бой күүлө.

Бактысы бар адамдар,
Булуту жок асмандай.
Атак, даңкы дүбүртү,
Ай-ааламды баскандай.
Чын сүйлөгөн сөздөрдү,
Жамгырлап жааган жаш кардай,
Бешенеси жапжарык,
Жаркыраган ак таңдай.

Адилет эрдин сөздөрү,
Майышып сынбас болоттой.
Таң калтырып адамды,
Даңктуу болот терең ой.

Душман, келсе эр жигит
Каршы барат тайманбай.
Баатыр жүрөк балбан кол,
Башынан көнгөн жумушка.
Түз качырат жазганбай.

Анык баатыр жигиттин,
Арстан шерче сүрү бар.
Акылы толук сөзү чоң,
Ай ааламга дүңү бар.
Тереңдетип окуу окуп,
Билимдин бийлик түрү бар.
Адамды тарткан өзүнө,
Магниттүү тили бар.
Мындай асыл эрлерди,
Баамдап элим билип ал.
Улам алга умтулуп
Ардактап окуп билим ал.

*1952*

## ТОКТОГУЛГА ЭСТЕЛИК

Комузунда ойноктоп,
Кооз эле колдоруң,
Артыгы элең Токтогул,
Адамдан чыккан жоругуң;
Эртелеп өттүң кейиймин
Азыркы күндө болбодуң;
Айтат элең сен мактап
Партиянын кең жолун!
Ойноктосо оң колуң,
Лаачын, таанга тийгендей;
Ырларың бар тизилген
Ырыстуу элиң сүйгөндөй.
Бай-манапты кордодуң
Падышадан ийменбей,
Ар сөзүң жүрөк курчутат
Баатырлар жоого киргендей!
Кемдигиң жок жан элең,
Чарчаганды билбеген.
Эл кубанган сөзүңдөн,
Ар күнүнө миңдеген;
Акындын көбү нуска алып
Аралаш өстүк сиз менен!
Уккан адам сөзүңдү
Дагы уксам деп дегдеген,
Акындарга ар дайым
Сабак бердиң термеден.
Эчен сендей асылдар
Жаралып кайра келбеген,

Жаркыраган турмушта
Аралаштың эл менен!
Чаалыкпаган тулпардай
Жаратылган чарчабас,
Кубулжутуп күү чалсаң,
Кумары элдин таркабас.
Тулку боюң туташкан,
Чың ширетип койгондой,
Сайрарында—күнү-түн
Таңшыйт элең толгонбой,
Жаш өмүрдү өткөрдүң
Залимдерден бошонбой,
Ал замана өрт болгон
Баарыбызга ошондой.

*1948*

## ТОКТОГУЛГА

Толгонуп колу байланып,
Токтоосүз алыс айдалып,
Тогус жылга сибирден
Тобуна Током келди эле.

Тоту куштай кулпунуп,
Толкуган кыргыз элде эле.
Топ жыйынды кубанткан
Током, торгойдун тили сенде эле.

Буулуп колу байланып,
Мусапыр болуп айдалып,
Муңдуу Током сибирден
Бурулуп элге келди эле.

Булуттуу кара түн кетип,
Боордош кыргыз элде эле.
Бoштондук ырын ырдаган
Током, Булбулдун тили сенде эле.

Кыйноодон башы кутулуп,
Кылчайып элди тапты эле.
Күкүктөй үнүн шаңшытып,
Током, гүл ачкан мөмө шакта эле.

Айыпсыздан кармалып
Ак жеринен кетти эле,
Айдалып жүрүп сибирде
Армандын суусун кечти эле.

Падышалык заманда,
Бай-манапты кордодуң,
Бай-манаптын балдары
Мактагын десе болбодуң.

Башында ошол жазыгың,
Айдалып кетип шордодуң.
Комуз чертсең кыргыйдын
Канатындай колдоруң.

Манаптарга баш ийбей
Эл ичинен куулдуң
Андагы заман ошондой
Арылгыз шордо туулдуң.

Айланып элге келгенде
Бардык элге угулдуң.
Андагыдан жаңырып,
Энеден кайра туулдуң.

Арылганда шоруңдан,
Чечилген кишен колуңдан.
Кайрылып келип туз таттың,
Калың кыргыз тобуңдан.

Караңгы тордон бошонуп,
Калкыңа кайра келгенде:
„Кайран булбул келди“ деп,
Кабарың чыккан элдерге.

Бурулуп элди көргөндө,
Бүркөлгөн кабак жазылган,
Буулугуп жүргөн көп жылдар,
Муңдуу көөнүң ачылган.

Бактысын ачып кедейдин,
Ата Ленин чыкканда,
Жумушчу-дыйкан биригип,
Падышаны жыкканда.

Муңдуу, зардуу туткунга
Каптаган торун тытканда,
Жумушчу-дыйкан күчтөрүн,
Бүтүн дүйнө укканда.

Бардык кыргыз эл менен
Бактысы кошо ачылган,
Муңу чыгып Токомдун
Булбулдай үнү шаңшыган.

Жарды жалчы эл менен,
Жаңырып кайра гүлдөдүң.
Такыр кетпейт эсимден
Ээрчишип бирге жүргөнүм.

Кумарын элдин тараткан,
Кулагымда үндөрүң.
Элестеп көзгө көрүнөт
Эл күлдүргөн күндөрүң.

Падышадан манаптан,
Куудурдуң эле тепсетип.
Ырдадың эле Ленинди,
Эриктүү күнгө кез келип.

Унутпайбыз ар убак,
Улуу акын сизди эскерип,
Өткөрдү элим урматтап
85 жылдык эстелик.

*1949*

Падышалык заманда,
Бай-манапты кордодуң,
Бай-манаптын балдары
Мактагын десе болбодуң.

Башыңда ошол жазыгың,
Айдалып кетип шордодуң.
Комуз чертсең кыргыйдын
Канатындай колдоруң.

Манаптарга баш ийбей
Эл ичинен куулдуң
Андагы заман ошондой
Арылгыз шордо туулдуң.

Айланып элге келгенде
Бардык элге угулдуң.
Андагыдан жаңырып,
Энеден кайра туулдуң.

Арылганда шоруңдан,
Чечилген кишен колуңдан.
Кайрылып келип туз таттың,
Калың кыргыз тобуңдан.

Караңгы тордон бошонуп,
Калкыңа кайра келгенде:
„Кайран булбул келди“ деп,
Кабарың чыккан элдерге.

Бурулуп элди көргөндө,
Бүркөлгөн кабак жазылган,
Буулугуп жүргөн көп жылдар,
Муңдуу көөнүң ачылган.

Бактысын ачып кедейдин,
Ата Ленин чыкканда,
Жумушчу-дыйкан биригип,
Падышаны жыкканда.

Муңдуу, зардуу туткунга
Каптаган торун тытканда,
Жумушчу-дыйкан күчтөрүн,
Бүтүн дүйнө укканда.

Бардык кыргыз эл менен
Бактысы кошо ачылган,
Муңу чыгып Токомдун
Булбулдай үнү шаңшыган.

Жарды жалчы эл менен,
Жаңырып кайра гүлдөдүң.
Такыр кетпейт эсимден
Ээрчишип бирге жүргөнүм.

Кумарын элдин тараткан,
Кулагымда үндөрүң.
Элестеп көзгө көрүнөт
Эл күлдүргөн күндөрүң.

Падышадан манаптан,
Куудурдуң эле тепсетип.
Ырдадың эле Ленинди,
Эриктүү күнгө кез келип.

Унутпайбыз ар убак,
Улуу акын сизди эскерип,
Өткөрдү элим урматтап
85 жылдык эстелик.

*1949*

## УЧУРАШУУ

*(Токтогул экинчи жолу камалып кайтып келгенде Калыктын айтканы)*

Калык:

Арыбай аман келдиңби,
Акыл элең сөз билги.
Атаман артык сагындым
Токо айтчы, булбул белгиңди.

Салдырса күлүк жорго элең,
Чаң жукпай чыккан дубандан.
Таңшыган булбул Токомдун,
Таттуу сөзү уланган.

Айылдан чыккан залимдер
Болуш болуп алышып,
Өкүм жаза салышып,
Болуштук мөөрүн бастыбы,
Боору суук манаптын,
Жок экен го нысабы.

Кутулуп келдиң Токтогул,
Мурунку муңдуу кайгыдан.
Бир түнү келип токтоосуз
Кармап кеткен айлыңдан.

Током аман чыкса деп,
Аракет кылдым сен үчүн...
Бүт болушка арстанып
Тиледи калың эл бүтүн.
Ушу турган ага-иниң
Аяган жок бар күчүн.

Арылды Токо башыңдан,
Андагы эски кайгың
Эселден ишиң агынан
Токо, элиңе өттү кадырың.
Кубанып тосту жолуңдан
Токо, курбу-курдаш, тамырың.

Алган жарың Сейдимкан
Амандыгың тиледи.
Токсондогу шордуу энең
Тоголонуп жүдөдү.

Токтогул аман келди деп,
Тосуп чыгып делбиреп,
Калк чогулуп курчады.
Карт энеңдин көзүнөн
Куюлган жашы кургады.

Током, сен кутулуп келгенде,
Жүрөгүм толкуп ырдадым.
Аралашкан эл менен
Алдыңдан тоскон кырдалым.

Балада болсом багым тең,
Жашта болсом жаным тең.
Жанаша жүрүп Токтогул
Жакшылап алсам үлгүңдөн.

**Токтогул:**

Куулуп жүрдүм көп жылы,
Кошулар алдын жогунан
Кубанып күлкүм чыккан кез,
Кутулганга шорумдан.

Мына бул жаткан тюрьма эмес,
Мурункудан тазамын.
Мусапыр болдум, көп тартым
Бузуктардын азабын.

Бастырып тосуп келипсиң,
Балам, Калык, жардамчым,
Байкап турсаң Токоңдун
Башынан өткөн арман чын.

Пайдаӊ тийди бир канча,
Акын Калык, бөбөгүм.
Анык көзгө көрүндү,
Атаӊдан жакын көрөрүӊ.

Бу келгениӊ ҡанимет,
Балам, бүгүн конуп кет,
Муӊдуунун муӊу жазылган,
Мындай күн эки кез келбейт.

*1912*

## МЕКТЕП БАЛДАРЫ ЖАНА КАРА ЧЫЙЫРЧЫК

Келатып бир топ бала мектебинен,
Окушуп сабак алган дептеринен,
Экиден күрөшүшүп бирери ырдап,
Баштады балалыктын кептеринен.

Туш-туштан келе берди балдар топтоп,
Балалык кар чачышып алар ойноп,
Пионер газетасын окумакка,
Отурду кулак салып көбү топтоп.

Окугун, Кылыч дешти чет элдерден,
Чыгыштан Кореядан кабар келген.
Өзүнүн туулуп өскөн мекени үчүн,
Душманын жоюп жаткан баатыр элден.

Кары чал, кемпир, балдар тынчтык тилеп,
Мекенин коргомокко күчү ширеп.
Кытайдын ыктыярдуу армиясы
Душманын куугунтуктап кирген жиреп.

Аңгыча бакка конду бир топ чымчык,
Отурду кужурашып чымчык тынчып.
Жыйылбай канаттары салыңкыраак,
Алыстан келген өңдүү кара чыйырчык.

Чымчыктан, Кылыч кабар сурай калды—
Кучкачтар кужурашпай кулак салды.
Чымчыктын берген жообун угалык деп,
Газетти Рысбеги жыйып алды.

Кылыч айтты чымчыктар кайдан келдиң,
Чаалыгып чарчагандай конгон белгиң.
Мектептен келе жаткан биз окуучу,
Угалык тилге келсең бир жооп бергин.

Чымчык айтты биз келдик алыс жерден,
Кордолу чыгыш-түштүк деген элден.
Ал элде канча шумдук болуп атат,
Келгендир мурда кабар шамал желден.

Кылыч айтты жел өттү желип жортуп,
Шамалда болуп өттү шашып толкун
Түрүңөр үрпөйүңкү жүүнүңөр бош,
Келдиңер эмнеден үркүп коркуп,

Чымчык айтты түнөк жок биз түнөргө,
Тынчтык жок эл жеринде биз жүргөнгө.
Сандалып балдары ачка эли начар,
Таң калдык жыргап аткан биз силерге.

Кылыч айтты—түнөк жок эмне үчүн!
Эл барбы жыргап аткан биздей бүгүн.
Кабарын толук айткан кара кучкач,
Каатчылык баскан элдин каруу күчүн.

Кучкач—айтты—каптаган ачарчылык,
Онтотуп орун алган начарчылык.
Тынч алган эч бир элди көргөн жокпуз,
Силердей жыргал күндө көөнү тыныш.

Кылыч айтты:—какыр чөл жериненби,
Эмгексиз бекер өскөн элиненби.
Жакырлык! ачарчылык аралатпай,
Эмгекке неге кылбайт демилгени.

Чымчык айтты ал элди булут баскан.
Булуттан көрө албайсың айлуу асман.
Күн нурун күлүмсүрөп бир көрсөк деп
Элдер көп тилеп аткан унутпастан.

Ошентип, чыйырчык айтты:—чет элдерде
Булуттай басып турган „бекем“ жерде,
Айласыз тирүү турат андагы элдер,
Тагдыры ажыдаардай келжиректе.

Шат күлкү шайыр ырың шаңдуу күндө,
Театр, кино, оюн күндө-түндө,
Мээ толуп, кулак каныл кубаттандык,
Силердин тынчтык жыргал деген үнгө.

Ырыстуу эл экенсиң жыргап жаткан
Партия силер үчүн кең жол ачкан
Дүйнөнү дүңгүрөткөн даңкың менен,
Эмгектин туусун жайып нурга баткан.

Кылыч айтты чыйырчыктар шакка конуп,
Биз менен тынч турмушта бирге болуп,
Атабыз Ленин курган ушул доордо
Жашайлык тынчтык менен күчкө толуп.

Келгиле кара чыйырчык тең жыргайлык,
Бул бактан силер сайрап, биз ырдайлык.
Асманда силер да учуп биз да учуп,
Боордош эл бизге кел деп кол булгайлык.

*1952*



(

### ТЕҢДЕШИМЕ

Алтын көз өмүр барында,
Жалкоолук кылып тартынба.
Ак ниет менен иш иштеп,
Аткан таңдай жаркылда.

Барсканың болот чоюндан,
Чапканда таштар жоюлган.
Түндө уктасам түшүмдө
Күндүзү кетпейт оюмдан.

Кызматың алтын кендесиң,
Арасы алыс жердесиң.
Отпуска алып бир айга,
Келсең боло теңдешим.

Жаштыкта жалын кубатың,
Жайылган күчкө кулачың.
Сыртыңды салбай теңдешип
Сырымды качан угасың.

Кайрылып кандай келбедиң,
Катыңды окуп дегдедим.
Кайгыны жойгон көңүлдөн,
Кадырлаш курбум эмгегиң.

Эмгектен бактың ачылса,
Эрк нуру Москва чакырса.
Эмгек баатыр даңк алсаң
Стаханов баатырча.

*1951*

## ЖЫГАЧТАР МЕНЕН СЫРДАШУУ

Кош аман бол кең Фрунзе борборум,
Калем алып катка киргин оң колум—
Деп, ошентип мен жөнөгөн сапарда,
Бакты тилеп бара жаткан жолдогум.
Куштай учкан бир жоргону мингенде,
Комуз күүлөп кулактарын толгодум.

Көргөнүмдү чыгарбадым санаамдан,
Бир түп өрүк бүрсүз тегиз агарган;
Жел шамалга желбиретип гүлдөрүн,
Күлүмсүрөп туш-туш жагын каранган;
Көк жыбырап жаңы чыккан убагы,
Өрүк гүлү кандай нурда жаралган?

Сурайын деп жетип бардым жанына,
Көзүм тойду гүлдөрүнүн агына,
Оору жүрөк айыккандай кымылдап,
Шаттанган күн жаркыраган шаңына.
Өрүк мага көздөгөндөй көрүндү,
Ак жибектей асыл кийимин жамына.

Ал өрүктүн алган гүлүн сурадым,
Комузумду күүдөн-күүгө бурадым.
Эмне жооп берер экен өрүк деп,
Шат көңүлдө шашкалаңдап турамын.
Ак өрүктөн шайырланган үн чыгып,
Тыңшай калып тынчымды алды кулагым.

## *Өрүккө суроо*

Аппак болуп көз кубанттың, өрүк сен,
Жаз алдында жаңы гүлүн кийинген;
Жалтылдаган жамалыңа курулуп,
Сүрөтүңө сүйлөшкөнү келдим мен.
Жазгы шаңда бирөөн эмес жабыла,
Жаркыратып жасандыңбы баарың тең?

Тулку боюң ширеткендей күч үйгөн,
Жамалыңа жарык нурлуу күн тийген;
Жан жагыңда гүлсүз, бүрсүз көп жыгач,
Күлүмсүрөп күндө сага баш ийген;
Бүр алалек башка жыгач көгөрүп;
Жаздын көркүн жаркыраттың жалгыз сен.

Мындай гүлдү көргөнүм жок көп жерден,
Чын сырыңды сурайынчы мен сенден.
Жадыраган жайык түздө ыргалып,
Гүлүң жайнап күлүмсүрөп теңселген,
Карлар качып, муздар эрип жер балкып,
Өрүк сага кимдер болду дем берген?

Жагалданып жоодурайсың күлөсүң!
Алтын түрдүү, ачык айрым мүнөзүң,
Жазгы желге боюң балкып ыргалып.
Көз уялтар жалтылдаган мүнөзүң;
Ай жарыкта, ак күмүштөй шагыңа,
Миң кубултуп булбул сайрап саа консун.

Жаратылып келип кеткен эчендер,
Сени менен сонун менден чечендер.
Жайнап жашыл торколорун жамынып,
Кызыл-тазыл гүлүн ачат бүткүл жер.
Жалгыз эле жайдаңдаган сен эмес,
Шаңкылдаган шайыр өрүк жооп бер.

## *Өрүктүн жообу*

„Сурасаң мен жол боюнда бир өрүк,
Бул суроону жооп берип көрөлүк.
Асылданып ак жамбыдай кийинип,
Адам уулун карап тургам делөөрүп.

Гүлдөр түшүп, мөмө байлап бүрдөймүн,
Көлөкөмдөн жай аласың жөлөнүп.

Алча, анар гүлдөп тизет берметин,
Биз бышканда көркүн ачып жер бетин.
Биздин мөмө тегиз бышкан убакта,
Алтай багып терлери аккан эл жесин.
Кышкы чилде—кыйынчылык кардуу суук,
Сиз, биз эмес, кара ташка келбесин.

Тамырымды жер алдына катырып,
Өз боюма каардуу тырмак батырып,
Кыш айларда кыса кармап кыйнаган,
Жазгы нурда кетти бизден тоң чыгып,
Ден жайылып, делбеленип жан кирип,
Гүлүмдү ачып жаркыратты күн жылып.

Алча, жүзүм абдан алат мөмөсүн,
Андан сонун далайларды көрөсүң.
Бардык жыгач арасында жемиштин,
Бирин койбой билдирейин мен өзүм.
Жайкы ысык, кышкы суукту көрбөгөн,
Жаның жаңы жаралгандай ким өзүң?

Тышы кабык, ортосу сөөк, ичи май.
Жыгачы кооз, жалбырагы табактай,
Тегиз бышып күбүлгөндө шагырап,
Татты жемиш табылабы жаңгактай?
Тамшандырып таңдай менен тилинди,
Татымы бар саал-саал сары набаттай.

Бадамда бар, шабдаалы бар, мисте бар,
Бу айтылган бардык жемиш бизде бар.
Өмүрүңчө эми көрсөң жаңыдан,
Адам уулу сенде биздин ыктыяр.
Унут калса айтпай койду дебегин,
Айтылбаган нечен жемиш дагы бар.

Кишмиш, мейиз жана айтам курманы,
Жесең сонун жемиштердин жыргалы.
Жерден ачып эми жаңы көтөргөн,
Кыраан чилде кышкы сууктун кылганы.
Кардуу суук, катуу тоңдон ажырап,
Аз күн болду көңүлүбүз тынганы.

Мынча менден сөз сурадың шашпагын,
Берер жоопко мени кошо маштадың.
Жер бетинде бардык чыккан жыгачтын,
Жолукканда жообун сурай баштадың.
Өз-өзүнөн чынын сурап укпасаң,
Сырын билбейм мөмөлөрдөн башканын.

Ачып гүлүн, жайнап бүгүн мөмөлүү,
Бардыгыбыз жаздын күнүн көргөнү,
Тирилишти ойдон, тоодон жабыла.
Кардуу бороон, катуу суукта өлгөнү.
Тамырына суу жүгүрүп жер ысып,
Жаш чыбыктар жасанышты өнгөнү.

Быйылкы жыл эми келди кечигип,
Туш-туш жактан түйүндөрү чечилип;
Туура бутак, турган муундун баарына.
Мөлтүрөшүп мөмө чыгат тизилип.
Жашыл бүрдүү жалбырактан бышышат.
Кур кулундун казысындай эзилип.

Кулачымды туш-туш жакка керемин,
Кубатымды бутагыма беремин;
Сен да, мен да жаздан ары, көрөбүз,
Жыпар жыттуу сулуу жаздын керегин.
Унутулуп кеткен экен эсинден,
Өткөн жылы мен бышканда жегениң!

Баарыбызды багып тигип өндүргөн,
Адам сенсиң ар жорукка көндүргөн.
Мына жаздын касиети барынан,
Бүтүн дүйнө жер бетине дем кирген.
Бардык мөмө байлай турган жыгачтын,
Жообун бердим жолдон тосуп жалгыз мен.

Сен жолоочу кечикпегин жолуңдан,
Сени менен бара албаймын мен мындан,
Табияттын күчү менен жаралып,
Сиз да, биз да жер бетине таралган"—
Деп, ак өрүк күлүмсүрөп ийилип,
„Кайыр кош" деп кармай калды колумдан.

## *Карагайдан суроо*

Жообун уктум жол боюнда мөмөнүн,
Андан чыгып арыштадым жөнөдүм.
Эчен күнү жер арыта жол жүрүп,
Көрө албадым жемиштүүдөн бөлөгүн.
Билип көрсөм деген максат менде эле,
Жыгачтардын бир-бирине көмөгүн

Өрүк менен жооптошуп баратсам,
Жүрөк ойлоп алып учат канатчан.
Ой, тоолору карайыңкы көрүндү,
Шамдай жарык көздүн курчун жумшасам.
Баары сыйда, асмандаган карагай,
Туш-тушуна бутактарын тараткан.

Тура калдым калың токой четине,
Көз жумшадым карагайдын бетине,
Карагайлар корккон өңдүү үрпөйдү,
Айта салдым: кыркабы деп шекшибе,
Ат чалдырчу ач жолоочу сыяктуу,
Мен отурдум бетегелүү секиге.

Сөз сурадым карагайдан бир баштан,
Мен экенмин жыгач менен сырдашкан.
Жолум алыс кечикпейин деп ойлоп,
Сыр алдырбай сурай бердим тынбастан.
Көп чочутсам сырын айтпай коёр деп,
Алдап-соолап айттырамын аз-аздан.

Алыс жерден көрүндүңөр карарып,
Ачууланып акырая каранып,
Селкилдетип жел шамалга чачыңды,
Каарланып кайта-кайта таранып;
Эминеден коркосуңар элеңдеп,
Бүт жыгачтан бойюң узун жаралып?

Чоң араа жок, чочубагын кыркпаймын.
Ак балта жок, анык ишен жыкпаймын.
Жакындасам жалтанасың солк этип,
Эсиң чыгып эмнеликтен муңайдың?
Жалтаңдабай жакшы жооп бер карагай,
Бир нечени көргөндүрсүң мындайдын!

Боюң узун, өсө берип асмандап,
Корккон өңдүү көз карашың чакчаңдап;
Сенин дүргүп үркүшүңө карасам,
Койгонсуң го корголоочу жай камдап?
Шамал тийсе шашкаландап оолугат,
Бутактарың булкунушуп арбаңдап.

Өмүрүңчө кете аласың көк бойлоп,
Качан көрсөм жашылданып тоо, ойдон.
Арча экөөңдөй кубарбаган кубатты,
Биз издесек таппайбыз го оңойдон?
Жаралгандан жайы, кышы жапжашыл.
Куурабаса кулач керип чоңойгон.

Күздө куурап бүрүң кандай түшпөгөн?
Кышкы чилде кысып көрөт күч менен.
Арча экөөңдүн касиетиң кандайча,
Жайда күйүп, кышкы суукта үшүбөгөн
Кумар канып кубатыңды угууга,
Бир сырдашып көрмөк элем сиз менен!

Тар капчыгай, татаал зоодо арчалар,
Арча экөөңдүн жакындыгың канча бар?
Жазда бүрдөп, жайда көпкөк, күз куурап—
Күн өткөргөн сенден башка жыгачтар.
Кайың терек, кара жыгач талдарга,
Кандай тийбейт арча экөөңдүн наркыңар?

Бу сөзүмө жооп кайтаргын угамын,
Мен жолоочу жөнөйүн деп турамын.
Куурабаган кубатыңды айткын деп,
Көңүлгө алып кадыр салып сурадым.
Сураган сыр—сыпатыңы жашырбай,
Ачык айткын айтып берер убагың!

## *Карагайдын жообу*

Узатайын жооп берип мен сага,
Менин жердеп турган жерим ээн талаа.
Торгоп-торгоп ар кайсыдан бир сурап,
Кайдан келип тура калдың сен бала?
Айыл жүрүп ата бабаң көргөнсүп,
Асыласың сыр сурашып сен мага.

Мен жарданып тоого чыккан карагай,
Туралбаймын туш-туш жакты карабай.
Мен сырымдын баарын айтып бүткөнчө,
Жолдон калып кечигесиң бир далай.
Биз жаралып жер жүзүнө чыккандан,
Өмүрлүккө конушубуз ушул жай.

Бир заманда ажыраткан бүрүмдөн,
Күздө куурап бири калбай күбүлгөн;
Адам уулу ал сураган жок эле,
Чын сырымды чыгарайын бүгүн мен.
Жаңы таанып, жакшы сөзгө келиштик,
Жаңылбастан жайлап уккун түбүмдөн.

Мен дос элем сөксөөл менен айрылбас,
Көпкөк болуп бүр алчу элем жылда жаз,
Ортобуздан ушак айың кеп чыгып,
Угулгансоң тарыныштык эки дос.
Сөксөөл достун бир мүнөзү бар эле,
Кара мүртөс тарынганда жазылбас.

Ошондуктан сөксөөл болду мага кас,
Ортодогу ушакчылар жарыбас.
Качырышса кайра тартып койбогон,
Жалтанбаган жалын жүрөк менде жаш;
Бетиме алып мелжегенди жазбаймын,
Атышканда мергендикке дагы маш.

Камыныштыы сөксөөл мерген „сага“ деп,
„Сенин камың душманыңа кана“ деп.
Ушак айтып утуру келет долоно,
„Сен озунуп сөксөөлдү саба“деп,
Башка тикен сөксөөлгө барышат,
„Сен озунуп карагайды тала“ деп,

Сөксөөл айтып ок чыгарды эң мурда,
Огун тозуп тура бердим мен кырда.
Мынча келип сураган соң айтайын,
Жакшылап ук кулак салып чын сырга!
Жапырандап жапырт сөксөөл атканда,
Жабыла чаап биз да чыктык кыр-кырга.

Мына урушуу, мына майдан көрүндү,
Капталдарым аткан окко бөлүндү.

Ошончолук кызыл кыргын урушта,
Кан чубуртуп кантип ачам көңүлдү?
Бүткөн бойго тийген окту силкинсем
Бошоңдору боз адырга төгүлдү.

Сөксөөл да атты, мен да аттым алыстан,
Экөөбүз тең атуу жолун таанышкан.
Аткан сайын сөксөөлдүн октору,
Сая кетпей бүткөн бойго жабышкан.
Жерге жакын эрбендеген эр неме,
Буда качпай туруп берди намыстан.

Качып чыкпай ак асаба тоолорго,
Корголобой кең капчыгай коолорго;
Турсам дагы жер жүзүндө жыгачтан,
Жолободу өмүр жолдош болорго.
Чымырканып моюн созуп караймын,
Оңкол аска, көк жалама зоолорго.

Сөксөөл качты кумду карай куланып,
Жалгыз калган тамыры бар чубалып;
Жантыңдаган жарым жандуу бечера,
Араң кетти ара жолдон буралып.
Аска зоолу Ала-Тоонун боорунда,
Карап турдум кутулганга кубанып.

Мен дагы эле жол тосомун жылыга,
Сөксөөл барып жан сактады кумунда.
Биздин минтип душмандашып кетүүбүз,
Тикендердин бузуктугу чынында.
Уруш өтүп, ушак кетип биз карып,
Мына келдик бир канчалык кылымга.

Ал урушта менда шайлуу күтүндүм,
Көбү кетти урушканда күчүмдүн.
Сөксөөлдө бир тамырдан бөлөк жок,
Тамырларын таамай атып бүтүрдүм,
Эми да бар эртели кеч карасаң,
Ошондогу оргуштаган түтүнүм.

Бу кубатым сөксөөлдүн оттору,
Тешип өтпөй тепчип-тепчип toктоду,
Күздө түшпөс, кышта үшүбөс жашыл бүр,
Ошол октун кубатынан токтоду.

Бул окуя болуп өткөн жаралып,
Ал бир заман адам уулу жоктогу;

Өмүрүнчө өңү өчүп кубарбас,
Эчен кылым өткөрсө да өзү жаш.
Тоосуз жумшак, ташсыз жерге чыкпаган
Олуттары зор капчыгай, тармал таш,
Жаралганда суусун ичип мүрөктүн,
Арча жашыл, касиеттүү бир жыгач.

Көк жибектин келебиндей түрлөрү,
Ал мүрөктүн суусун ичкен күндөрү.
Касиеттүү арча экен дегеним,
Куурабастан кубат кетпей бүрдөдү.
Менин боюм узундугу болбосо,
Мендей экөө чоң арчанын түрмөгү.

Далай узун жайлуу жерге чыкканы,
Күчү бардан көбү ташка ыктады.
Кээ бирөөнүн кулачтары жайылып,
Бутагымдан бир канча узун бутагы.
Кууларынын, шамал болсо буруксуп,
Сулуулардын тамагындай жыттары:

Касиеттүү жыгач дейбиз арчаны,
Бир биз эмес адамзат да мактады.
Куурабаса жашылданып жайдан кыш,
Өмүрүнчө өзүн көпкөк сактады.
Башкабыздай чирип койбойт арчанын,
Кырк жыл кыйрап жер алдында жатканы.

Сөксөөл атып менден түшкөн огумдан,
Өзүм жазап чыгаргандай колумдан,
Дагы сага эскертейин уга кет,
Мен билемин сен билбеген сонундан.
Чын сөзүмдү жалган ойлоп жүрбөгүн,
Ошол күндө сен жанымда жогуңдан?

Түшкөн октон көк-мөк менен чекенди,
Көрө албайсың, ал экөөндөй бекемди.
Өзү майда биздей түшпөс түрү бар,
Татаал таштуу капчыгайга бекинди.
Чекенди көк-мөк экөө түшкөн октон,
Сөксөөлдүн касиети бекерби?

Күздө бүрүн кууратпаган төртөөбүз,
Анык узун арча менен экөөбүз.
Тамыр чирип талкаланып жыгылып,
Куурабасак нечен кылым өсөбүз.
Текир, бужур, ийри чыгат арчадан,
Биз карагай аткан октон анык түз.

Өз чачыгым башымдагы тобурчак,
Бутактарым сөксөөлдөн тийген ок,
Аңдып келип дагы сөксөөл атат деп,
Моюн созуп карап тургам кокондоп.
Ушунчалык октун уусун көтөргөн,
Чын чыдамкай кайраттуудан мендей жок.

Угуп болсоң жолдон калбай жөнөгүн;
Өз-өзүнөн сурап уккун бөлөгүн.
Пикирленип бир канчалык сүйлөшүп,
Бүт жыгачтын сырын айтпайт дебегин.
Ар кимиси ар бир бөлөк жаралган,
Баарын бийлеп кантип жооп беремин?

## *Кайыңга суроо*

Карагайга кош-пош айтып келе атсам,
Бир топ жыгач дагы көрдүм ыраактан.
Алар дагы көңүлүмдү кубантты,
Шагы сайын атыр жыттуу бүр ачкан.
Барсам кайың жаңы көктөп турган кез,
Дагы токтоп сөз сурадым бир баштан.

Куттуктаймын жаңы чыккан бүрүңдү,
Жаркылдатып дагы ачасың гүлүңдү.
Жакшы жооп бер, жайлуу жерде угайын,
Жазгы шаңдуу шаңшып чыккан үнүңдү.
Өгүнчөрөөк кабак бүркөө капа элең,
Эми көрдүм эч кайгысыз түрүңдү.

Кабат-кабат кабыгың бар оронгон,
Жаштарың көп жаңы өспүрүм торолгон.
Жоого сүрдүү, жолборс жүрөк аскердей,
Ирет менен катар турат он-ондон.
Тал жибектей самсаалаган чырпыгың,
Буралышып бир-бирине оролгон.

Бүт жыгачтын бир түрлүүсү кайыңсың,
Дайым көрсөм терек экөөң айылсың,
Ээрге эптүү, түндүккө түз жаралган,
Көп жыгачтан көрүнүшүң көзгө чың,
Сапатыңды сынап көрсөм алыстан.
Өз алыңча сулуусусуң жыгачтын.

Алма өрүктөн сенде кандай мөмө жок?
Карагайга тийген экен эчен ок.
Козголбогон коңурусуң жыгачтын,
Чычырканак, долонодой эмес шок.
Берекелүү бейли кенен эрлердей,
Көз кубантып көп жыгачтар көөнүң ток.

Кара жыгач катар чыгат суу бойлоп,
Теңелсин, теменесин желге ойноп.
Жол боюнан жолукканым сырыңды,
Токтой калдым угайын деп мен ойлоп.
Ачык сыры ала качса жүрөктөн,
Аны айтпай ичке катып ким коймок?

Сөздөрүмө кечиктирбей жооп берсең,
Теңтуш өскөн терек менен экөөң тең.
Бүт дүйнөдө толуп жатат токойлор,
Мындан мурда сыр сураган жокмун мен.
Бардык жыгач жер байлыгы жаралган,
Мына силер түгөнбөгөн түптүү кен.

### *Кайыңдын жообу*

Жол боюнда амандыкты сурадың,
Жооп берейин чындык болсо угарың.
Капам качып, бүрүмдү ачып бүгүн мен,
Жаным сергип, жарпым жазган убагым,
Нечен ысык, нечен суукту өткөрүп,
Жаз нурунда жаңы күлүп турамын.

Бүрүм куурап өткөн күздө күбүлгөн.
Өлдүкко деп кышкы суукта түңүлгөн.
Катар-катар кабыгымды сурадың,
Киймим ушу кышкы суука кийинген.
Ак кар, көк муз анык кышка көнгөнбүз,
Жаздын деми жанды кайта кийирген.

Качыруучу калкан кулак камандай,
Тикендүүлөр түрү суук жаралган.

Барып турдум бир тикендин түбүнө,
Кулак салдым корсулдаган үнүнө,
Көз жиберип көпкө тиктеп отурдум,
Тикендердин жаратылган түбүнө.
Бүрү жокто бүтүн баары окшошот,
Боздо чаян, сууда жылан сүрүнө.

Кимсиң десем „менмин" деди долоно,
„Келбе жакын адам уулу жолобо.
Карышкырлар кирбесин деп бекитип,
Эчен кесип кашаа кылдын, короого.
Келиптирсиң узак жолго баратып,
Бура тартып менден бир кеп суроого".

## *Долоного суроо*

Жооп сурасам опурандап тилдейсиң,
Оройлонуп оолугасың, жиндейсиң.
Үрөйүң суук, үксөңдөгөн тикенек,
Сен адамдын касиетин билбейсиң.
Сени менен сүйлөшүүгө мен келсем,
Турпатымды адам эмей ким дейсиң?

Тоо, таш, жер, суу барлыгы тең багынган,
Дүр дүйнөнү адам десе табылган.
Жаралганда адам артык жаралып,
Сонун мүлктөр мени алат деп жагынган.
Адамзаттын асылдыгын мындан бил,
Жакут, Лала, коухарларды тагынган.

Мен боломун адамзаттын акыны,
Акындыкта акындардын акылы.
Сөзгө канып, кулак салып отурса,
Биз болобуз ышкылуунун жакыны:
Сен кимсиң деп суроо бердим озунуп,
Долоно деп айтып өттүң атыңды

Кайың, терек, карагайлар миң сандап,
Көргөнүм жок көп аралап сени андан.
Жаралгандан адетиңби долоно,

Жалгыз калып жана капа муңканган?
Же жолотпой кууп салганбы өзүңдү,
Боюңдагы тикенектүү кылкандан?

Кубатың жок карагайдай арчадай,
Же мөмөң жок өрүк менен алчадай.
Тикенекти не себептен алгансың,
Же энчиңди алдың беле байкабай?
Ошол бойдон ачууң менен кумсарып,
Калды беле кайгың ичтен таркабай?

Чырпыгың жок кара жыгач кайыңдай,
Жол карайсың көздөрүңдү айырбай.
Жаралгандан мекен кылган жериңби,
Өнүп чыгып өзүң турган ушул жай?
Тикениңди аз чыгарсаң болбойбу,
Бойлоруңа шыкырата сайынбай?

### *Долононун жообу*

Сен сурадың чын жообумду берейин,
Эми сага, ырас сырга келейин.
Мурункудай ушак менен сөөдүрөп,
Жалган сөзүн жаап, жашырат дебегин.
Эми досту бир-бирине кас кылып,
Эч адамга тийбей калды керегим...

Тикенекти менин алган жөн-жөнүм:
Эчен бузук иштер келип көргөнмүн.
Ички сырды сага кантип айтпайын,
„Сый“ кылыктан мына биздин көргөн күн,
Уяты жок бузуктугуң чын болсо,
Окшош экен тирүүң менен өлүгүң!

Карагайга калп айтканбыз катышып,
Сөксөөлгө ушактадык чатышып,
Ошол биздин чагым ушак кеп менен,
Ал эки дос душмандашкан атышып;
Эси кетип эч айласын таба албай,
Жай алышкан эки жакка качышып.

Сары жыгач, чычырканак, ит мурун,
Тулку бою миң сандаган ийнелер.
Ошо күндө оюбузда жок болчу,

Сөксөөл тургай олядан ийменер.
Карагайдан кан чубуруп турганда,
Анан бизге каяша айтуучу кандай эр?

Деп, жүргөнбүз кирип көрчү аралап,
Туш-тушуңдан биз чагалык камалап.
Жаның тирүү жайы-кышы ооруйсуң,
Тикенектер тийген жерден кан агат.
Келчи бери кайратың бар эр болсоң,
Кетээр элең бүткөн боюң жаралап.

Ушак менен чыгып сөздү жүргүздүк,
Бир-бирибиз шыкак кылып күч берип,
Ошол үчүн бириндетип жиберген,
Чогуу койбой ар бир жакка миң бөлүп,
Шыгырата тикен алып найзадай,
Ар бир жерден келатабыз күн көрүп.

Кандим, зарык сары жыгач, ит мурун,
Шамал болсо бардык тикен жулкунуп;
Өмүр чиркин өтүп кетип баратат,
Арылбадык бул уяттан кутулуп.
Басар бут жок барбаландап коёбуз.
Ар кимибиз ар каякта тик туруп.

Бул дүйнөдө болот экен армансыз,
Биз тикенди бузуктуктан алганбыз;
Алма, өрүктөй асыл баалуу жемиштен,
Жалган, бузгуч, жалактыктан калганбыз.
Ушак-айың, уурулуктуу, чагымды
Бизде болбойт билбейм деген ар намыс.

Жалгыз тамыр сөксөөл барып кумду алган
Араң жетти алты конуп бейдарман,
Дагы келип атабы деп жол карап,
Карагайдын көк моюну узарган.
Эл кылам деп арачысы табылгы,
Сөзү өтпөй уятынан кызарган.

Асмандан куш, жерден жыгач, айбан ат,
Суудан балык, тоо таштан кен эчен кат;
Жансыз жандуу жер, асманда дүнүйө,
Бар эсебин табасыңар адам зат!
Жообун уктуң бардык тикен жыгачтын,
Кош аман бол, жолдон калба, азамат!—

Деген сөздү угуп чыктым тикенден,
Кандай сөз деп аң-таң калып турдум мен.
Жыгач менен сүйлөштүм деп айтканга,
Кандай адам калп эмес деп ишенген?
Калпты чындык жеңип чыгат түбүндө,
Алып жаздым баштан өткөн ишимден.

Бу айтылган бардык токой ичинде,
Бүт аралап чыга алабы миң күндө
Мунун баары бүт дүйнөнүн жыгачы,
Мен ойлонуп көрүп чыктым бир түндө
Бу сөзүмдү көп адамдар ойлонуп,
Ишенишээр өзү көрсө ишинде!

Бирөө айтса ушак айың, чагымды,
Жандай достун жакшы көөнүн иритет.
Заар сөздөр балдай болуп айтылса,
Адам эмес кара ташты жибитет;
Чындык деген теңдеши жок асыл сөз—
Миң миллион бузук сөздү чиритет!..

*1940 Арыс-Кавказ.*

# МАЗМУНУ


| | Бет. |
|---|---|
| Жакшы күтүп алалы | 5 |
| Ленинге эстелик | 6 |
| Өлкөң өстү | 8 |
| Сталинге | 10 |
| Акылгер | 12 |
| Улуу көсөм элдин бактысы | 18 |
| Кыргыз эли таанылды | 21 |
| Октябрь өлкөсүндө | 23 |
| Улуу октябрь | 24 |
| Май майрамына | 25 |
| Москва | 26 |
| Кремлге киргенде | 27 |
| Улуу жол | 29 |
| Нур заман | 31 |
| Октябрдын жыйырма тогуз жылдыгы | 32 |
| Биз ким элек, ким болдук | 34 |
| Биз эркиндик нурунда | 35 |
| Жаңы жылда | 37 |
| Бир элес | 38 |
| Биз эркиндик нурунда | 40 |
| Кыргыз элинен казак элине салам | 41 |
| Кызыл кырман | 43 |
| Пахтачы келин Канымжан | 45 |
| Жалкоо кызматчы | 47 |
| Папанинге | 48 |
| Куттуктайбыз | 50 |
| Жаш уландар | 53 |
| Достук | 54 |
| Жокчулук | 56 |
| Жер кепеде өткөн күн (*Эски доордогу турмуштан*) | 58 |
| Үндөө | 63 |
| Иниме кат | 65 |
| Уулума | 67 |
| Фашисттин туусу кулады | 71 |
| Баатырга белек | 73 |
| Биз тынчтыкка орношкон | 76 |
| Күн батыш жолун карраймын | 77 |
| Куттуу болсун жеңиш менен келишиң | 78 |
| Уктаган жумгал ойгонду | 79 |
| Жыйырма жылдык тойго | 81 |
| Быйылкы жаз | 85 |
| Малчыларды ырдаймын | 87 |
| Малчыларга | 90 |
| Биздин совхоз эпкиндүү | 92 |
| Эрке жүрөк сагынган | 93 |
| Кетмен-Төбөнүн көрүнүшү | 94 |
| Ош областындагы көрүнүш | 100 |
| Эски Пишпек — жаңы Фрунзе | 105 |
| Эгин айдап эл жабдыган буурусун | 106 |
| Добуш беребиз | 108 |
| Компартия | 110 |
| Таш көмүрдө | 111 |
| Ант | 113 |

| | Бет. |
|---|---|
| 8-инчи мартка | 114 |
| Докторлорго | 115 |
| Тынчтык биздин элде | 119 |
| Тынчтык бизде | 120 |
| Фрунзеге эстелик | 121 |
| Жашыл гүл | 124 |
| Комсомолго | 126 |
| Мусага эстелик | 128 |
| Татына | 130 |
| Саламдашуу | 132 |
| Тракторист | 134 |
| Жеңиш машинасына | 136 |
| Самолётум | 137 |
| Учкучка | 140 |
| Панфилов баатырга | 142 |
| Мен бала шумкар | 143 |
| Улуу Москва | 144 |
| 8-инчи март | 145 |
| Тогузунчу май күнү | 146 |
| Кыргызстанга | 147 |
| Эркүү болгар элдери | 148 |
| Терме ыр | 151 |
| Токтогулга эстелик | 155 |
| Токтогулга | 157 |
| Учурашуу | 160 |
| Мектеп балдары жана кара чыйырчык | 163 |
| Тендешме | 166 |
| Жыгачтар менен сырдашуу | 167 |

Жооптуу редактор *М. Токобаев*
Художник редактор *Р. С. Табачников*
Технич. редактор *И. В. Кабиров*
Жооптуу корректор *С. Исматов*

Теруүгө 22/III 1954-үнчү ж. берилди.
Басууга 29/VI 1954-үнчү ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84X108 $^1/_{32}$. Бардыгы 9,94 барак кагаз.
9,63 басма табак. 7,15 учёттук табак.
Д —.09570. Заказ № 1307. Тиражы 12000
Мукабасыз баасы 3 с. 60 т. Мукабасы 1 с. 50 т.

☆

Фрунзе, Типография № 1 Главиздата Мин. Культ. Кирг. ССР.